«САПАТТУУ БИЛИМ» БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫН ЖАНА ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ОРГАНИЗАЦИЙ И ПРОГРАММ «САПАТТУУ БИЛИМ»

AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL ORGANIZATIONS AND PROGRAMS «SAPATTUU BILIM»

Жогорку кесиптик билим берүү программасын көз карандысыз аккредитациялоонун жыйынтыктарынын негизинде эксперттик комиссиянын

# КОРУТУНДУСУ

«АЙЫЛ-ЧАРБАСЫНЫН БАКАЛАВРЫ» БАГЫТЫ
АГРОЭКОНОМИКА ПРОФИЛИ

Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН ТАЛАС АЙМАКТЫК КӨП ТАРМАКТУУ ИНСТИТУТУ

Май, 2026

**МАЗМУНУ**

**I. ЖББОЖ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ** ……………………………………….3

**II. ОТЧЕТТУН ДОЛБООРУ БОЮНЧА АЛГАЧКЫ СЫН-ПИКИРЛЕР**………………. 7

**III. ПРОГРАММАНЫН ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО ОТЧЕТУН ТАЛДОО** ………………..11

**1-стандарт. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү жана мониторинг жүргүзүү**

**2-стандарт. Окуу натыйжаларын кабыл алуу жана таануу**

**3-стандарт. Окуучуга багытталган окутуу жана окуучулардын билим алуу жетишкендиктерин баалоо**

**4-стандарт. Педагогикалык жана билим берүү-жардамчы персонал**

**5-стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар**

**6-стандарт. Билим берүү программасы боюнча илимий, методикалык жана изилдөө иштери**

**7-стандарт. Маалыматты башкаруу жана коомчулукка жайылтуу**

**IV. ТЫШКЫ ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯНЫН ОКУУ ЖАЙГА БОЛГОН САПАРЫ БОЮНЧА МААЛЫМАТ …………………………………………………………29**

**V. АККРЕДИТАЦИЯЛЫК СТАНДАРТТАР БОЮНЧА БААЛОО ……………………35**

**VI. ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ЖАКШЫРТУУ БОЮНЧА СУНУШТАР……………………………………………… 39**

**VII. КОРУТУНДУ……………………………………………………………………… 40**

# I. ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Талас аймактык көп тармактуу институтунун администрациясынын билдирүүсүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августунда кабыл алынган «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы №246 «Билим берүү жаатындагы аккредитациялоо боюнча ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө» токтомуна ылайык, «Сапаттуу билим» агенттигинин эксперттик комиссиясы 2026-жылдын 6-апрелиндеги №16/04-26 буйругунун негизинде билим берүү программаларын аккредитациялоонун алкагында «Айыл чарба бакалавры» багытынын «Агроэкономика» профили боюнча жогорку билим берүү программасына тышкы баалоо жүргүздү.

**Программа:**
Код: эксперименталдуу окуу планы
Багыты: «Айыл - чарбасынын бакалавры»
Профили: «Агроэкономика»
Билим деңгээли - жогорку кесиптик билим берүү.
Өзүн -өзү баалоо жүргүзүлгөн мезгил: 2026-жылдын апрель айынан 2026-жылдын май айына чейин.
Билим берүү мекемесине баруу күндөрү: 2026-жылдын 19-20-майы

**Эксперттик комиссиянын курамы:**
**Комиссиянын төрагасы:**

1. Мамбетов Жоомарт Иманалиевич - физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент, М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин «Колдонмо информатика жана маалыматтарды талдоо» билим берүү программасынын жетекчиси.

**Комиссиянын мүчөлөрү:**

2. Султанбаева Виктория Асановна - айыл чарба илимдеринин кандидаты, доцент, К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин Агрономия жана токой чарба факультетинин «Өсүмдүк өстүрүүчүлүк жана өсүмдүктөрдү коргоо» кафедрасынын доценти, комиссия төрагасынын орун басары;
3. Шербаева Зувайда Эрмаматовна - география илимдеринин кандидаты, доцент, Ош мамлекеттик университетинин «Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар» институтунун доценти;
4. Кашкарбаева Бегай Тобокеловна - «Лингвистика» кафедрасынын ага окутуучусу, Кыргыз-Россия билим берүү академиясынын аспирантура жана магистратура бөлүмүнүн башчысы;
5. Асеин уулу Азамат - Манас Ордо улуттук комплексинин директорунун орун басары, иш берүүчү;
6. Таштанбеков Рыскелди Султанбаевич - Талас агрардык-экономикалык колледжинин «Ветеринария» адистигинин 2-курсунун студенти;
7. **Референт:** Түлөгөбылова Нуржамал Мухтаровна - «Сапаттуу Билим» агенттигинин аккредитация бөлүмүнүн менеджери.

**ООнун жалпы мүнөздөмөлөрү**

**Билим берүү мекемеси жөнүндө маалымат**

## 1. Инфраструктура

Окуу жайдын балансында жалпы аянты 13 376,87 кв. метрди түзгөн 8 окуу корпусу бар. Окуу корпустарында окуу аудиториялары, лабораториялар жана компьютердик класстар иштейт. Ошондой эле студенттер жана окутуучулар үчүн 4 окуу залы уюштурулган.

Китепканада жаңы маалыматтык технологияларды колдонуу жана маалыматтык ресурстарга жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу максатында 11 компьютер жана 3 принтер орнотулган. Окурмандар үчүн керектүү шарттар түзүлүп, окуу залы атайын жабдылган.

Университеттин бардык окуу корпустарында өткөрүү ылдамдыгы 5-10 Мбит/сек болгон Wi-Fi тармагы иштейт.

Мындан тышкары, окуу жайдын инфраструктурасына төмөнкүлөр кирет:

• буфет-1;
• ачык типтеги спорт аянтчасы- 1;
• окуу аудиториялары-7;
• лабораториялар-1;
• компьютердик класстар- 2:
• медпункт-1
• ачык типтеги спорт аянтчасы- 1;
• жыйындар зал -1.

## 2. Структуралык түзүмү:




## 3. Жетекчилер жана негиздөөчүлөр жөнүндө маалымат

Талас мамлекеттик университети (ТалМУ) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2000-жылдын 25-июлундагы №189 Жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 4-сентябрындагы №546 токтомунун негизинде түзүлгөн. Университет И. Арабаев атындагы КМПУнун Таластагы филиалынын, Ж. Баласагын атындагы КУУнун, Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин, КААнун жана Талас айыл чарба техникумунун базасында уюштурулган.

ТалМУ юридикалык субъект катары юстиция органдарында 2006-жылдын 4-апрелинде катталган. 2025-жылдын 3-февралында Талас шаарында жайгашкан КР юстиция министрлигинин Талас облосттук юстиция башкармалыгынан юридикалык жактар, филиалдар (өкүлчүлүктөр) жөнүндө мамлекеттик каттоодон кайрадан өткөн (катталуу №89617-3307-У-е, ИУЖКнын коду: 22252564, ИСН: 00102200110013).

КР ББИМ Талас регионунда аттандаштыкка туруп бере алган орто кесиптик билим берүүдө кесипкөй кадрларына болгон муктаждыкты канаттандыруу максатында орто кесиптик билим берүү ишмердигине лицензия алгандыгына байланыштуу ТалМУнун ректорунун 2009-ж. 28-июлда № 62/1 буйругу менен түзүлгөн.

КР ББИМнин 21-январь 2011-жылдагы № 40/1 буйругун ишке ашыруу үчүн жана ОК чечимине ылайык ТалМунун ректорунун 28-февраль 2011-жылы № 18/6 буйругу менен

бул Окуу мекемесине Уставын бекитүү менен юридикалык статус берилген. Буга байланыштуу окуу мекемесинин толук аталышы - ТалМунун астындагы Орто кесиптик билим берүү бөлүмү (колледж) деген аталышка ээ болду.

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине, КРнын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 18-июлундагы №243 “Кыргыз Республикасынын ЖКББнун билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө жарлыгын аткаруу максатында «Талас мамлекеттик университети» мекемесинин Уставы өзгөргөндүгүнө байланыштуу кайра каттоодон өтүп «Талас мамлекеттик университети» мекемесинин Уставы КР ББжИМнин №64\1 буйругу 21-январь 2025-жылы бекитилди.

Университеттин өзгөчө статуска ээ болуусу окуу жайдын уюштуруу-башкаруу түзүмүн Көзөмөлчүлүк кеңешинин №4 26.02.2025-жылдагы, ТалМУнун Окумуштуулар кеңешинин №6 26.02.2025-жылдагы чечими менен кайрадан төмөндөгүдөй курамда өзгөртүлүп түзүлдү:

- Педагогика жана мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу институту;
- Гуманитардык-юридикалык институт;
- Агробизнес, биоэкология жана туризм институту;
- Маалыматтык технологиялар, техника жана экономика институту

КР Президентинин 2024-жылдын 14-октябрындагы УП № 295 «Кыргыз Республикасынын ЖКББ билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу чаралары жөнүндө» Жарлыгы менен Талас мамлекеттик университетине КРнын мамлекеттик ЖОЖ кеңири уюштуруучулук, каржылык жана академиялык автономия берүүнү караган өзгөчө статус берилген. https://cbd.minjust.gov.kg/5-10727/edition/19022/ru?lang=ru.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 11-сентябрындагы № 256 «Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү кээ бир маселелер жөнүндө» Жарлыгы менен «Талас мамлекеттик университети» мекемеси Ж.Баласагын атындагы КУУ бириктирилген.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 24-декабрындагы № 826 «Кыргыз Республикасынын ЖКББ мамлекеттик билим берүү уюмдарын кайра уюштуруунун кээ бир маселелери жөнүндө» Токтому менен «Талас мамлекеттик университети» мекемесин кайра уюштуруу башталып, азыркы күндө Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректорунун 2026-жылдын 24-апрелиндеги №138 буйругу менен Ж.Баласагын атындагы КУУнун Талас аймактык көп тармактуу институту деп аталды .

Алгачкы этапта И. Арабаев атындагы КМПУнун филиалын Чынаев Ж.Ч. жетектеп, окуу-материалдык базаны чыңдоо, лабораторияларды уюштуруу жана окуу шарттарын жакшыртуу багытында олуттуу иштерди аткарган. Кыргыз архитектуралык курулуш институтунун филиалын тех.и.к., доцент Бообеков А.Б. жетектеп, окуу имараттарын калыбына келтирүү жана материалдык базаны өнүктүрүү иштерин жүргүзгөн.

1999-жылы КМУУнун Таластагы филиалынын директору болуп Ташматова К.А. дайындалган. Кийин 2003-жылдан тартып университетти тех.и.д., профессор Жылкычиев А.И. жетектеп, илимий-изилдөө иштерин өнүктүрүүгө жана кадрдык потенциалды чыңдоого чоң салым кошкон.

2015-2023-жылдары университетти а.ч.и.к., доцент Упенов А.Ш. жетектеп, эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү, материалдык-техникалык базаны жаңылоо жана академиялык мобилдүүлүктү кеңейтүү багытында маанилүү иштерди ишке ашырган.

2023-жылдын 7-сентябрынан тартып университеттин ректору болуп техника илимдеринин доктору, доцент Шаршембиев Ж.С. дайындалып, учурда университетти жетектеп келет.

Бүгүнкү күндө ЖОЖ катары өнүгүп, бир нече институттарды жана билим берүү түзүмдөрүн камтып, жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда.

**4.Лицензия жөнүндө маалымат**

Окуу жайдын билим берүү ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан берилген лицензиянын негизинде жүргүзөт.

Лицензия: **№ LS190001438**, **рег. № D2019-0007**. Лицензия Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин **2023-жылдын 19-майындагы №2982/1 буйругу** менен жаңыланган (бекитилген). Бул буйрукка ылайык университетке ЖКББПсын ишке ашыруу укугу расмий түрдө ыйгарылган.

Лицензиялоо процесси Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына жана лицензиялоо жаатындагы ченемдик укуктук актыларга ылайык жүргүзүлгөн.

Университеттин билим берүү ишмердүүлүгү лицензияда көрсөтүлгөн эксперименталдуу окуу планы «Айыл- чарбасынын баклавры» багытта жана адистиги боюнча жүзөгө ашырылып, мамлекеттик талаптарга шайкеш келет.

**5.Мурунку аккредитациялар жөнүндө маалымат**

Талас мамлекеттик университети 2024-жылдын 4-июнунда Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттиги (ББПУАА) тарабынан 5 жылдык мөөнөткө институционалдык аккредитациядан өткөн, № VI240000179 сертификаты, рег. №070 алынган.

2020-2021 окуу жылында Талас мамлекеттик университетинин Табият таануу кафедрасынын «Айыл - чарбасынын бакалавры» ББПны аккредитациядан ийгиликтүү өткөн Аккредитациянын сертификаты №VU220000195, каттоо №154, «Эл баасы» аккредитациялык агенттигинин 2022-жылдын 28- майындаагы, №12 буйругунун негизинде прогрпамма 2025-жылдын 6-апрелине чейин аккредитациланган.

**6.Окутуучулар курамы боюнча маалыматтары**

| Штаттык окутуучулар курамы | айкалыштырып иштеген окутуучулар | | Окумуштуулук даражасы | Окумуштуулук наам |
|---|---|---|---|---|
| | **тышкы** | **ички** | | |
| 5 | | 1 | 3 | 3 |

7**.Студенттердин саны боюнча маалыматтар**

2025-2026-окуу жылына карата «Айыл-чарбасынын баклавры» багыты боюнча студенттердин контингенти

| Курс | Баардыгы күндүзгү окуу | Сырттан окуу | Баардыгы |
|---|---|---|---|
| I | 7 | 3 | 10 |
| II | 5 | 2 | 7 |
| III | 7 | 3 | 10 |
| IV | 4 | 2 | 6 |
| V | - | 4 | 4 |
| Баардыгы: | 23 | 14 | 37 |

2025-2026-окуу жылында «Айыл-чарбасынын баклавры» багыты боюнча билим алып жаткан студенттердин жалпы саны 37 студентти түзөт.

**8.Окуу жайдын миссиясы жана стратегиялык максаттары**

Окуу жай өзүнүн ишмердигин КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2025-жылдын 21-январындагы № 6411 буйругу менен бекитилген ТалМУнун Уставынын негизинде ишке ашырат. Университет өзүнүн миссиясын аныктаган, ал ТалМУнун

Окумуштуулар кеңешинде 2024-жылдын 28-февралында (№ 6 протокол) талкууланып, бекитилген. **Окуу жайдын миссиясы** – заманбап кесиптик компетенцияларга ээ, атаандаштыкка жөндөмдүү жана ийгиликтүү карьералык өсүшкө жөндөмдүү адистерди даярдоо Миссия университеттин (http://www.talsu.kg) расмий сайтына жайгаштырылып, окуу жайдын имаратында көрүнүктүү жерге илинген.

Талас мамлекеттик университетинин 2025-2030-жылдарга карата өнүгүү стратегиясы ТалМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2025-жылдын 26-февралындагы №6 протоколу менен каралып, жактырылган жана университеттин ректору тарабынан бекитилген.https://drive.google.com/file/d/1JdUUcANVWZdCHO9v5fWP70ZtPOC5lh6u/view?usp=drive_link.Стратегиялык максаттар билим берүүнүн сапатын жогорулатууга, илимий изилдөөлөрдү өнүктүрүүгө, материалдык-техникалык базаны чыңдоого, санариптик технологияларды киргизүүгө жана эмгек рыногунун талаптарына жооп берген атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоого багытталган.

**9. Билим берүү программасы жөнүндө маалымат**

«Айыл-чарбасынын баклавры» багыты, «Агроэкономика» профили боюнча ББП Кыргыз Республикасынын ЖКББ боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде иштелип чыккан жана ишке ашырылат.

Программанын негизги максаты - айыл чарба тармагында экономикалык багыттагы заманбап билимге, практикалык көндүмдөргө жана кесиптик компетенцияларга ээ болгон атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоо болуп саналат.

ББП кредиттик технологиянын негизинде түзүлгөн окуу планы боюнча ишке ашырылып, теориялык окутууну, практикалык сабактарды жана өндүрүштүк практикаларды камтыйт. Окуу дисциплиналары адистикке ылайык тандалып, студенттердин кесиптик компетенцияларын калыптандырууга багытталган.

Программаны ишке ашырууга агробизнес, биоэкология жана туризм институтунун директору, б.и.к., доцент Ташибекова Замира Мазеловна жетекчилик кылат. Ошондой эле окуу процессине штаттык окутуучулар курамы жана айкалыштырып иштеген адистер тартылган. Окуу процессин жүргүзүү үчүн зарыл болгон материалдык-техникалык база, лабораториялар, компьютердик класстар жана маалыматтык ресурстар менен камсыздалган.

Программа бүтүрүүчүлөрдү айыл чарба жана агроэкономика тармагындагы ар кандай мамлекеттик жана жеке секторлордо иштөөгө даярдайт. ББП мамлекеттик талаптарга шайкеш келет жана сапаттуу адистерди даярдоого багытталган.

## II. ОТЧЕТТУН ДОЛБООРУ БОЮНЧА АЛГАЧКЫ СЫН-ПИКИРЛЕР

**1-стандарт. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү жана мониторинг жүргүзүү**

| № | Сунуштар | аткаруу |
|---|---|---|
| Критерий 1.1. | Шилтемелер ачылбай жатат. | аткарылды |
| Критерий 1.2. | Шилтемелер ачылбай жатат. | аткарылды |
| Критерий 1.3. | Эскертүү жана сунуштар берилген жок. | аткарылды |
| Критерий 1.4. | Эскертүү жана сунуштар берилген жок. | аткарылды |
| Критерий 1.5 | Эскертүү жана сунуштар берилген жок. | аткарылды |
| Критерий 1.6 | Отчетто негизинен сыпаттамалык маалыматтар берилген, аналитикалык талдоо жана конкреттүү далилдер жетишсиз чагылдырылган.<br>Кээ бир шилтемелер ачылбай жатат. | жарым жартылай аткарылды |

| | | |
|---|---|---|
| Критерий 1.7 | Өнөктөш ЖОЖдор менен ББПны салыштыруу жана сапат мониторинги боюнча маалыматтар жетиштүү конкреттүү эмес, негизинен жалпы мүнөздө берилген.<br>Салыштыруу критерийлерин жана мониторинг механизмдерин тактап, далил документтерди толук көрсөтүү сунушталат. | жарым жартылай аткарылды |

**2-стандарт. Окуу натыйжаларын кабыл алуу жана таануу**

| № | Сунуштар | аткаруу |
|---|---|---|
| Критерий 2.1 | Шилтемелер ачылбай жатат | аткарылды |
| Критерий 2.2 | Студенттерди маалымат менен камсыз кылуу, академиялык мобилдүүлүк жана карьералык багыттоо иштери кеңири баяндалган, бирок алардын натыйжалуулугун тастыктаган конкреттүү көрсөткүчтөр жана мониторинг жыйынтыктары жетишсиз. Ошондой эле, бул багыттар боюнча статистикалык маалыматтарды жана сурамжылоолордун жыйынтыктарын кошуу сунушталат. | жарым жартылай аткарылды |
| Критерий 2.3 | Эскертүү жана сунуштар берилген жок. | аткарылды |
| Критерий 2.3 | Эскертүү жана сунуштар берилген жок. | аткарылды |

**3-стандарт. Окуучуга багытталган окутуу жана окуучулардын билим алуу жетишкендиктерин баалоо**

| | Сунуштар | аткаруу |
|---|---|---|
| Критерий 3.1 | Методдор жана окутуу формалары кеңири сүрөттөлгөн, бирок студенттердин кайтарым байланышы жана анын негизинде жүргүзүлгөн талдоо жетишсиз берилген. Сурамжылоо жыйынтыктары жана жакшыртуу иш-чаралары так көрсөтүлүшү керек. | жарым жартылай аткарылды |
| Критерий 3.2 | Эскертүү жана сунуштар берилген жок. | аткарылды |
| Критерий 3.3 | Эскертүү жана сунуштар берилген жок. | аткарылды |
| Критерий 3.4 | Эскертүү жана сунуштар берилген жок. | аткарылды |
| Критерий 3.5 | Отчетто мониторингдин натыйжалары боюнча аналитикалык баалоо (тенденциялар, көрсөткүчтөрдүн динамикасы, салыштыруу) жетишсиз чагылдырылган.<br>Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орноштуусу, академиялык жетишкендиктер жана окуу жүктөмү боюнча сандык көрсөткүчтөрдү жана талдоо жыйынтыктарын көрсөттүү зарыл. | жарым жартылай аткарылды |
| Критерий 3.6 | Эскертүү жана сунуштар берилген жок. | аткарылды |
| Критерий 3.7 | Отчетто электрондук жана дистанттык окутуу боюнча жалпы маалымат берилген, бирок ийкемдүү окутуу формаларынын ББП деңгээлинде системалуу уюштурулушу жана ишке ашырылыш механизми толук ачылган эмес. | жарым жартылай аткарылды |

**4-стандарт. Педагогикалык жана билим берүү-жардамчы персонал**

| № | Сунуштар | аткаруу |
|---|---|---|
| Критерий 4.1 | Эскертүү жана сунуштар берилген жок. | аткарылды |
| Критерий 4.2 | Эскертүү жана сунуштар берилген жок. | аткарылды |
| Критерий 4.3 | Эскертүү жана сунуштар берилген жок. | аткарылды |
| Критерий 4.4 | Өзүн-өзү баалоо отчетунда студенттерди кураторлор аркылуу колдоо жана тарбиялык иштерди уюштуруу жакшы сүрөттөлгөн. Бирок академиялык кеңеш берүү, психологдук колдоо, жатаканадагы тарбиячылардын жана башка кызматтардын конкреттүү функциялары жана алардын ишинин натыйжалуулугу жетиштүү деталда ачылган эмес. | жарым жартылай аткарылды |

| | | |
|---|---|---|
| | Адам ресурстарынын функцияларын тактоо жана ишинин натыйжалуулугун көрсөткөн маалыматтарды (отчет, анализ) көрсөттүү. | |

**5-стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар**

| № | Сунуштар | аткаруу |
|---|---|---|
| Критерий 5.1 | Эскертүү жана сунуштар берилген жок. | аткарылды |
| Критерий 5.2 | Шилтемелер ачылбай жатат | жарым жартылай аткарылды |
| Критерий 5.3 | Эскертүү жана сунуштар берилген жок. | аткарылды |
| Критерий 5.4 | Жатакана менен камсыз кылуу боюнча жалпы маалымат берилген, бирок сыйымдуулук, шарттар жана уюштуруу тартиби боюнча конкреттүү көрсөткүчтөр жетишсиз. Далил документтер (жобо, буйруктар, тизмелер, отчеттор, сүрөттөр) толук көрсөтүлгөн эмес.<br>Жатакана боюнча жобо, жайгашкан студенттердин тизмеси, шарттарды көрсөтүүчү сүрөттөр, ички буйруктар жана текшерүү актыларын кошумчалап, документтик далилдерди толук берүү сунушталат. | жарым жартылай аткарылды |
| Критерий 5.5 | Тамактандыруу жана медициналык тейлөө боюнча маалымат жетишсиз. Ашкана/буфет жана медпункттун иштеши боюнча конкреттүү далилдер, уюштуруу документтери жана текшерүү материалдары берилген эмес.<br>Ашкана/буфет жөнүндө жобо, санитардык текшерүү актылары, медпункт боюнча буйруктар, штаттык тизмелер жана тиешелүү сүрөттөрдү кошумчалап, документтик негизди толуктоо сунушталат. | жарым жартылай аткарылды |

**6-стандарт. Билим берүү программасы боюнча илимий, методикалык жана изилдөө иштери**

| № | Сунуштар | аткаруу |
|---|---|---|
| Критерий 6.1 | Студенттердин жана ППСтин илимий активдүүлүгүнүн конкреттүү натыйжалары (макала, цитаталар, гранттар, Scopus/WoS көрсөткүчтөрү) жетиштүү так эмес. Мониторинг жана анкета жүргүзүү бар экени көрсөтүлгөн, бирок жыйынтыктардын негизинде кабыл алынган чечимдер жана конкреттүү жакшыртуу чаралары толук ачылган эмес.<br>Илимий-изилдөө натыйжаларын сандык көрсөткүчтөр менен бекемдөө, мониторинг жыйынтыгы боюнча иш-аракет пландарын жана алардын аткарылышын так көрсөтүү. | жарым жартылай аткарылды |
| Критерий 6.2 | Илимий изилдөөлөр үчүн ресурстарды (базалар, жабдуулар, санарип платформалар) жана алардын реалдуу жеткиликтүүлүгүн так документтер менен толуктоо. | жарым жартылай аткарылды |
| Критерий 6.3 | Эскертүү жана сунуштар берилген жок. | жооп берет |
| Критерий 6.4 | Илимий натыйжаларды стимулдаштыруу механизмдери жана сыйлоо формалары жетиштүү так көрсөтүлгөн эмес, ошондой эле алардын колдонулушун тастыктаган конкреттүү далилдер жетишсиз.<br>Сыйлоо жана илимий натыйжалардын окуу процессинде жана практикада колдонулушу боюнча конкреттүү мисалдарды жана документтик далилдерди кеңейтүү. | жарым жартылай аткарылды |
| Критерий 6.5 | Эскертүү жана сунуштар берилген жок. | аткарылды |

**7-стандарт. Маалыматты башкаруу жана коомчулукка жайылтуу**

| № | **Сунуштар** | **аткаруу** |
|---|---|---|
| Критерий 7.1 | Маалыматты чогултуу жана талдоо механизмдери жалпы көрсөтүлгөн, бирок санариптик куралдар жана мониторинг жыйынтыктары боюнча далилдер жетишсиз.<br>Маалымат системасын жана мониторингдин жыйынтыгына негизделген чечимдерди тактоо. | жарым жартылай аткарылды |
| Критерий 7.2 | Шилтемелер ачылбай жатат | аткарылды |
| Критерий 7.3 | Эскертүү жана сунуштар берилген жок. | аткарылды |
| Критерий 7.4 | Шилтемелер ачылбай жатат | аткарылды |

## Ш. ПРОГРАММАНЫН ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО ОТЧЕТУН ТАЛДОО

| Стандарттар | Талданган документтер | Төмөнкүлөр аныкталган: | Бирок |
|---|---|---|---|
| **1-стандарт.**<br>**Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү жана мониторинг жүргүзүү**<br>**1-стандарт көрсөткөндөй,** НББП "Айыл-чарбасынын бакалавры" багыты боюнча жалпысынан стандарттын талаптарына шайкеш келет. ББПнын иштеп чыгуу, макулдашуу, бекитүү жана жаңылоо жол-жоболору билим берүү уюмунда жөнгө салынган жана системалуу негизде жүргүзүлөт. Программа окуу жайдын миссиясына, мамлекеттик билим берүү стандартына жана эмгек рыногунун талаптарына ылайык түзүлгөн.<br>Билим берүү максаттары жана окутуунун күтүлгөн натыйжалары компетенттүүлүк мамиленин негизинде аныкталып, бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик даярдыгын камсыздоого багытталган. Окуу планы мамлекеттик стандартка ылайык түзүлүп, теориялык билим менен практикалык даярдык өз ара айкалыштырылган. Практиканын бардык негизги түрлөрү каралып, студенттердин кесиптик компетенцияларын калыптандырууга шарт түзүлгөн. | • Кыргыз Республикасынын ЖКББ боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты (ГОС ВПО);<br>• ББПны иштеп чыгуу боюнча жобо;<br>• «Айыл чарба бакалавры» багыты боюнча негизги билим берүү программасы (НББП);<br>• ББПны, окуу пландары жана аларды бекитүү боюнча документтер;<br>• Окуу пландары жана жумушчу окуу пландары;<br>• ББПнын күтүлгөн окутуу натыйжалары;<br>• Компетенциялар матрицасы;<br>• ТалМУнун миссиясы жана стратегиялык өнүгүү планы (2020-2030);<br>• Окутуунун максаттары менен натыйжаларын университеттин миссиясы, ГОС ВПО жана эмгек рыногунун талаптары менен салыштыруу талдоосу;<br>• Практикалар боюнча программалар<br>• Практика базалары менен түзүлгөн келишимдер<br>• Иш берүүчүлөр менен жолугушуу протоколдору<br>• Стейкхолдерлер менен өткөрүлгөн тегерек стол материалдары<br>• Дисциплиналар боюнча окуу-методикалык материалдар;<br>• Инновациялык окутуу ыкмалары боюнча материалдар;<br>• E-bilim системасы боюнча электрондук журнал жана тесттик база; | • ББПнын максаттары миссияга жана эмгек рыногуна шайкеш аныкталган;<br>• Окутуунун натыйжалары компетенттүүлүк негизинде түзүлгөн;<br>• Окуу жүктөмү мамлекеттик стандартка ылайык бөлүштүрүлгөн;<br>• Практиканын бардык негизги түрлөрү системалуу түрдө камтылган<br>• Мониторинг жана баалоо механизми (сурамжылоо, талдоо, чечим кабыл алуу) иштеп жатат<br>• Инновациялык технологиялар (E-bilim, интерактивдүү окутуу, кейс-стади, ГИС) колдонулат;<br>• Стейкхолдерлер менен туруктуу байланыш жана консультация жүргүзүлөт;<br>• Академиялык мобилдүүлүк жана эл аралык өнөктөштүк боюнча келишимдер бар. | • Мониторинг жыйынтыктарынын негизинде кабыл алынган чечимдердин конкреттүү мисалдары аз көрсөтүлгөн (мисалы: кайсы өзгөртүү киргизилди, кайсы дисциплина жаңыртылды);<br>• Иш берүүчүлөрдүн жана башка стейкхолдерлердин билим берүү программасын жаңылоо процессине катышуусунун натыйжалары толук документтештирилген эмес; |

<table>
<tr>
<td rowspan="3">Программаны ишке ашырууда мониторинг жана мезгилдүү баалоо механизмдери колдонулат. Студенттердин, бүтүрүүчүлөрдүн, ата-энелердин жана иш берүүчүлөрдүн пикирлерин талдоо аркылуу билим берүү программасын өркүндөтүү боюнча тиешелүү чечимдер кабыл алынат. Сурамжылоолор, тегерек столдор жана стейкхолдерлер менен жолугушуулар үзгүлтүксүз уюштурулуп турат.<br>Окуу процессинде инновациялык педагогикалык ыкмалар, санариптик платформалар жана заманбап окуу-методикалык ресурстар пайдаланылат. “E-bilim” электрондук системасы, интерактивдүү окутуу ыкмалары, кейс-стади жана ГИС технологиялары колдонулуп, студенттердин практикалык жана аналитикалык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган.<br>Студенттердин ар кандай категориялары үчүн кошумча консультациялар, илимий иш-чаралар, академиялык мобилдүүлүк жана колдоо механизмдери уюштурулган. Өнөктөш ЖОЖдор менен кызматташтык байланыштары түзүлүп, ББПнын мазмунун салыштыруу жана сапатын көзөмөлдөө элементтери ишке ашырылууда.</td>
<td>• Кызыктар тараптардын катышуусу менен ББПны жакшыртуу боюнча жыйындар протоколдору;<br>• Академиялык мобилдүүлүк жана өнөктөштүк келишимдери;<br>• Биргелешкен билим берүү программалары боюнча документтер;<br>• Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу боюнча отчеттор;<br>• Окутуу натыйжаларын мониторингдөө жана мезгилдүү баалоо материалдары.<br>• Сурамжылоолор жана мониторинг отчеттору (студенттер, иш берүүчүлөр, ата-энелер, бүтүрүүчүлөр);<br>• Кызыктар тараптардын катышуусу менен ББПны жакшыртуу боюнча жыйындар протоколдору</td>
<td></td>
<td></td>
</tr>
<tr>
<td>Күчтүү жактары</td>
<td>Алсыз жактары</td>
<td>Сунуштар</td>
</tr>
<tr>
<td>1. ББП мамлекеттик стандартка, университеттин миссиясына жана эмгек рыногунун талаптарына шайкеш иштелип чыккан.<br>2. Окутуунун натыйжалары компетенттүүлүк мамиленин негизинде аныкталып, бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик даярдыгын камсыздоого багытталган.<br>3. Теориялык билим менен практикалык даярдык өз ара айкалыштырылып, практиканын бардык негизги түрлөрү системалуу камтылган жана практика базалары менен келишимдер түзүлгөн.<br>4. Мониторинг жана баалоо механизмдери туруктуу жүргүзүлүп, студенттердин, бүтүрүүчүлөрдүн, иш</td>
<td>1. Мониторингдин жыйынтыгынын негизинде кабыл алынган конкреттүү чечимдер жана программанын жаңыланган мисалдары жетиштүү деңгээлде көрсөтүлгөн эмес.<br>2. Ички академиялык мобилдүүлүккө катышкан студенттердин жокко эсе.<br>3. Стейкхолдерлерден билим берүү программаларына орчундуу сунуштардын түшпөгөндүгү.</td>
<td>1.Мониторинг жана баалоонун жыйынтыгында кабыл алынган чечимдерди конкреттүү мисалдар менен документтештирүү сунушталат.<br>2. Ички академиялык мобилдүүлүккө студенттердин катышуусун активдештирүү жана өнөктөш ЖОЖдор менен тажрыйба алмашуу программаларын кеңейтүү сунушталат.<br>3.Стейкхолдерлердин билим берүү программаларын өркүндөтүүгө активдүү катышуусун камсыз кылып, алардын сунуштарын системалуу түрдө талдоо жана окуу</td>
</tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | берүүчүлөрдүн жана ата-энелердин пикирлери эске алынат.<br>5. Окуу процессинде инновациялык технологиялар, санариптик платформалар, кейс-стади жана ГИС технологиялары колдонулат.<br>6. Стейкхолдерлер менен туруктуу кызматташтык түзүлгөн.<br>7.Академиялык мобилдүүлүк жана эл аралык өнөктөштүк боюнча байланыштар бар. | | программаларына киргизүү механизмдерин күчөтүү зарыл. |
| **Корутунду:** 1-стандарт. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү жана мониторинг жүргүзүү "Сапаттуу билим" агенттигинин стандартына **жооп берет** | | | |
| **Стандарттар** | **Талданган документтер** | **Төмөнкүлөр аныкталган:** | **Бирок** |
| **2-стандарт.**<br>**Кабыл алуу жана окутуу натыйжаларын таануу**<br>**2-стандарт көрсөткөндөй**, «Айыл- чарбасынын бакалавры» багыты боюнча ББПда студенттерди кабыл алуу, окутуунун натыйжаларын таануу жана билим берүү жетишкендиктерин баалоо процесстери мамлекеттик талаптарга ылайык уюштурулган. Кабыл алуу жол-жоболору Кыргыз Республикасынын ЖОЖго кабыл алуу боюнча ченемдик-укуктук актыларынын негизинде жүргүзүлүп, анын ачык-айкындыгы жана объективдүүлүгү камсыздалган. Абитуриенттер үчүн кабыл алуу эрежелери, билим берүү программалары, окутуунун шарттары жана талаптары боюнча маалыматтар университеттин расмий сайты, | • Кыргыз Республикасынын ЖОЖдоруна кабыл алуунун тартиби жөнүндө жобо;<br>• ЖРТнын жыйынтыгы боюнча талапкерлерди тандоо жана кабыл алуу боюнча жобо;<br>• Окуу жайдын кабыл алуу комиссиясынын буйруктары жана отчеттору;<br>• Кабыл алуу комиссиясынын, апелляциялык комиссиянын курамы тууралуу буйруктар;<br>• Окуу жайдын Уставы;<br>ЖРТ жыйынтыктары боюнча мониторинг материалдары;<br>•Кабыл алуу комиссиясынын протоколдору жана отчеттору;<br>• Студенттердин жүрүм-турум эрежелери жана Адеп кодекси;<br>• Академиялык мобилдүүлүк жөнүндө жоболор;<br>• Кредиттик технологиялардын негизинде окуу процессин уюштуруу жөнүндө жобо;<br>• Студенттерди которуу, кайрадан | • Студенттерди кабыл алуу мамлекеттик талаптарга ылайык ачык жана объективдүү жүргүзүлөт;<br>• Кабыл алуу процессинде маалыматтын жеткиликтүүлүгү камсыздалган;<br>• Кабыл алуу жана тестирлөө процесстеринде көзөмөл механизмдери (видеобайкоо, байкоочулар, апелляциялык комиссия) колдонулат;<br>•Окуу жайда бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациясынын коомдук бирикмеси түзүлгөн;<br>• Студенттерге билим берүү траекториясын тандоо боюнча маалыматтык жана уюштуруучулук колдоо көрсөтүлөт; | • Ош декларациясынын" алкагында академиялык мобилдүүлүк боюнча кызматташтык келишимдери түзүлгөнүнө карабастан, студенттер менен алмашуу, тажрыйба алмашуу жана биргелешкен иш-чараларды өткөрүү жетиштүү деңгээлде ишке ашырылган эмес.<br>•Студенттердин контингентинин саны боюнча аздыгы байкалат, бул окуу топторунун толук калыптанышына жана ресурстарды натыйжалуу пайдаланууга белгилүү деңгээлде таасир этет. |

<table>
<tr>
<td rowspan="3">маалыматтык буклеттер жана «Ачык эшиктер күнү» аркылуу жеткиликтүү берилет.<br>ББПсы студенттерге өзүнүн билим берүү траекториясын тандоого, академиялык мобилдүүлүккө жана карьералык өсүүгө шарт түзөт. Студенттерге окуу процессинин уюштурулушу, кредиттик технологиялар, академиялык мобилдүүлүк жана ички тартип эрежелери боюнча маалыматтар үзгүлтүксүз түшүндүрүлүп турат. Университетте академиялык мобилдүүлүк боюнча ички жана тышкы өнөктөштүк байланыштар түзүлүп, студенттердин башка ЖОЖдордо билим алуусуна жана тажрыйба алмашуусуна мүмкүнчүлүктөр каралган. Карьералык өсүү максатында бош орундар жарманкелери, иш берүүчүлөр менен жолугушуулар жана кесиптик багыт берүү иш-чаралары уюштурулуп турат.<br>Программа мурунку билим берүүнүн квалификацияларын, окуу мезгилдерин жана окутуунун натыйжаларын объективдүү таанууну камсыз кылат. Студенттерди которуу, кайрадан окууга кабыл алуу, академиялык өргүү берүү жана окуудан чыгаруу процесстери тиешелүү жоболордун негизинде жүргүзүлөт. Академиялык жетишкендиктерди каттоо жана мониторинг жүргүзүү «E-bilim» электрондук системасы аркылуу</td>
<td>кабыл алуу жана окуудан чыгаруу жөнүндө жобо;<br>• Академиялык мобилдүүлүк боюнча келишимдер жана студенттердин тизмелери;<br>• «E-bilim» системасы боюнча электрондук ведомосттор;<br>• Студенттердин жетишүү ведомосттору;<br>• Контракттык жеңилдик берүү боюнча буйруктар;<br>• «Жыл мыктыларын аныктоо» жобосу;<br>• Диплом жана транскрипт берүү боюнча жоболор;<br>• Бош орундар жарманкеси жана «Ачык эшиктер күнү» боюнча материалдар;<br>• Абитуриенттер үчүн маалыматтык буклеттер жана программалар.</td>
<td>• Академиялык мобилдүүлүк боюнча ички жана тышкы кызматташтык байланыштары түзүлгөн;<br>•Студенттердин жетишкендиктери “E-bilim” системасы аркылуу мониторинг жүргүзүлөт;<br>• Мурунку билим берүүнүн натыйжаларын жана квалификацияларын таануу механизмдери иштейт;<br>•Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу жана карьералык өсүшү боюнча мониторингдин жыйынтыктары;<br>• Бүтүрүүчүлөргө мамлекеттик үлгүдөгү диплом жана транскрипт берилет;<br>•Карьералык өсүүгө көмөктөшүүчү иш-чаралар системалуу уюштурулат.</td>
<td></td>
</tr>
<tr>
<td>Күчтүү жактары</td>
<td>Алсыз жактары</td>
<td>Сунуштар</td>
</tr>
<tr>
<td>1.ББПга студенттерди кабыл алуу Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын негизинде ачык жана объективдүү жүргүзүлөт.<br>2.Кабыл алуу процессинде видеокөзөмөл, апелляциялык комиссия жана көз карандысыз байкоочулар катышып, ачык-айкындуулук камсыздалган.<br>3.Абитуриенттер үчүн бардык зарыл маалыматтар университеттин сайты,</td>
<td>1. «Ош декларациясынын» алкагында академиялык мобилдүүлүк боюнча кызматташтык келишимдери түзүлгөнүнө карабастан, студенттер менен алмашуу, тажрыйба алмашуу жана биргелешкен иш-чараларды өткөрүү жетиштүү деңгээлде ишке ашырылган эмес.</td>
<td>1.«Ош декларациясынын» алкагында өнөктөш ЖОЖдор менен академиялык мобилдүүлүк боюнча практикалык кызматташууну күчөтүп, студенттер алмашуу, биргелешкен семинарлар, конференциялар жана тажрыйба алмашуу иш-чараларын системалуу уюштуруу сунушталат.</td>
</tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| ишке ашырылып, студенттердин жетишүүсү үзгүлтүксүз көзөмөлдөнөт.<br>Окуу программасын ийгиликтүү аяктаган жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөн бүтүрүүчүлөргө мамлекеттик үлгүдөгү диплом жана транскрипт берилет. Билим берүү документтеринин мыйзамдуулугу, аныктыгы жана сапаты ички жана тышкы көзөмөл механизмдери аркылуу камсыздалат | буклеттер жана «Ачык эшиктер күнү» аркылуу жеткиликтүү берилет.<br>4.Студенттерге билим берүү траекториясын тандоо боюнча кеңири маалыматтык колдоо көрсөтүлөт.<br>5.Кураторлор, кафедра жана окуу бөлүмү тарабынан академиялык мобилдүүлүк, окуу процесси жана карьералык мүмкүнчүлүктөр боюнча үзгүлтүксүз консультациялар уюштурулат.<br>6. Тышкы академиялык мобилдүүлүк боюнча өнөктөштүк келишимдери түзүлгөн.<br>7.Студенттердин жетишкендиктерин мониторингдөө «E-bilim» электрондук системасы аркылуу жүргүзүлүп, жетишүү ведомосттору жана рейтингдик көрсөткүчтөр системалуу көзөмөлдөнөт.<br>8.Студенттерди которуу, кайра кабыл алуу, академиялык өргүү берүү жана окутуунун натыйжаларын таануу механизмдери тиешелүү жоболордун негизинде жүргүзүлөт.<br>9.Бүтүрүүчүлөргө мамлекеттик үлгүдөгү диплом жана транскрипт берүү тартиби жөнгө салынган. Билим берүү документтеринин сапаты жана мыйзамдуулугу ички жана тышкы көзөмөл аркылуу камсыздалат.<br>10.Карьералык өсүүгө көмөктөшүү максатында «Бош орундар жарманкеси», иш берүүчүлөр менен жолугушуулар жана кесиптик багыт | 2. Студенттердин контингентинин саны боюнча аз, бул окуу топторун толук калыптандырууга жана ресурстарды натыйжалуу пайдаланууга терс таасирин тийгизиши мүмкүн. | 2.Абитуриенттерди тартуу иштерин күчөтүү, профориентациялык иш-чараларды активдештирүү жана билим берүү программасынын жагымдуулугун жогорулатуу аркылуу студенттердин контингентин кеңейтүү сунушталат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | берүү иш-чаралары уюштурулуп турат.<br>11. Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу жана карьералык өсүшү боюнча мониторингдин жыйынтыктары жетиштүү. | | |
| **Корутунду:** 2-стандарт "Кабыл алуу жана окутуу натыйжаларын таануу" "Сапаттуу билим" агенттигинин стандартына **жооп берет** | | | |
| **Стандарттар** | **Талданган документтер** | **Төмөнкүлөр аныкталган:** | **Бирок** |
| **3-стандарт**<br>**Окуучуга багытталган окутуу жана окуучулардын билим алуу жетишкендиктерин баалоо**<br>**3-стандарт көрсөткөндөй**, ББПда студентке багытталган окутууну ишке ашыруу, билим алуучулардын жетишкендиктерин объективдүү баалоо жана окуу процессинин ачык-айкындуулугун камсыз кылуу боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлөрү аныкталды. Окутуу процессин уюштурууда заманбап педагогикалык технологияларды, инновациялык окутуу ыкмаларын жана санариптик билим берүү ресурстарын колдонуу боюнча маалыматтар кеңири берилген.<br>ББПда окутуучулар тарабынан маселеге негизделген окутуу, долбоордук ыкма, «мээге чабуул», геймификация, флиппед класс, микроүйрөнүү, коллаборациялык окутуу, дизайн ой жүгүртүүсү, жасалма интеллект технологияларын колдонуу сыяктуу заманбап инновациялык методдор пайдаланылары көрсөтүлгөн. О. | •Билим берүү программасынын окуу планы;<br>•Модулдук-рейтингдик система жөнүндө жобо;<br>•Текшерүү жана аралык аттестациялоо боюнча жобо;<br>•Силлабустар жана жумушчу окуу программалары;<br>•ОМК (окуу-методикалык комплекстер);<br>•Студенттердин жеке окуу пландары;<br>•Апелляция жана баалоо процедуралары боюнча жоболор;<br>•Академиялык мобилдүүлүк жана индивидуалдык траектория документтери;<br>•Студенттердин жетишүүсү боюнча ведомосттор (Е-билим системасы);<br>•Окуудан чыгаруу жана которуу боюнча жоболор;<br>•Сурамжылоо жана кайтарым байланыш отчеттору;<br>•Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу боюнча мониторинг маалыматтары;<br>•Электрондук билим берүү платформасынын (Ebilim) материалдары;<br>•Инновациялык методдорду колдонуу боюнча методикалык материалдар; | •ББПда студентке багытталган окутуу принциптерин колдонулары;<br>•Окутуу процессинде инновациялык педагогикалык методдор жана санариптик технологиялар пайдаланылары;<br>•Окуу процессинде E-bilim платформасы, электрондук журналдар, онлайн тестирлөө жана дистанттык окутуу технологиялары пайдаланылары далилденген;<br>•E-bilim платформасы аркылуу окуу процессин уюштуруу жана студенттердин жетишкендиктерин мониторинг жүргүзүү системасы иштей турганы;<br>•Студенттердин жетишкендиктерин баалоонун критерийлери, апелляция берүү жол-жоболору жана академиялык карыздарды жоюу тартиптери ички жоболор менен жөнгө салынганы;<br>•Студенттерден кайтарым байланыш алуу механизмдери (анкета, ишеним кутусу, | •Студенттердин кайтарым байланышынын негизинде окуу процессине киргизилген конкреттүү өзгөртүүлөрдүн мисалдары жетишсиз көрсөтүлгөн;<br>• Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу боюнча мониторинг жүргүзүү пландалганы көрсөтүлгөнү менен, жыйынтыктоочу аналитикалык маалыматтар жетиштүү эмес. |

<table>
<tr>
<td rowspan="3">э. лекциялык, практикалык жана лабораториялык сабактарда интерактивдүү доска, мультимедиялык проектор жана электрондук платформалар аркылуу сабактарды уюштуруу практикасы жолго коюлгандыгы белгиленген.<br>E-bilim платформасы аркылуу окуу процессин уюштуруу, студенттердин жетишкендиктерин баалоо, электрондук журналдарды жүргүзүү жана окуу-методикалык комплекстерди жайгаштыруу боюнча иштер чагылдырылган. Студенттер үчүн окуу материалдарына, силлабустарга, тесттик тапшырмаларга жана баалоо критерийлерине жеткиликтүүлүк камсыздалганы көрсөтүлгөн. Мындан тышкары, дистанттык окутуу технологияларын колдонуу боюнча тиешелүү жоболор иштелип чыгып, Zoom, Google Meet жана электрондук билим берүү ресурстары аркылуу окутуу жүргүзүлөрү белгиленген.<br>Студенттердин жетишкендиктерин баалоо процессинде ачык-айкындуулук жана объективдүүлүк принциптери сакталары көрсөтүлгөн. Баалоонун критерийлери силлабустарда чагылдырылып, студенттер семестр башында алар менен тааныштырылары белгиленген. Модулдук жана жыйынтыктоочу</td>
<td>• Ачык сабактардын графиктери жана протоколдору;<br>• Өз ара сабакка катышуу баракчалары;<br>• Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу боюнча сертификаттар;<br>• Студенттердин билимин баалоо жана сессияларды өткөрүү боюнча жоболор;<br>• Апелляция жүргүзүү тартиби жөнүндө документтер;<br>• Электрондук журналдардын жана тест системаларынын материалдары;<br>• Ишеним кутусу боюнча жобо жана тиешелүү материалдар;<br>• Студенттерди окуудан чыгаруу, которуу жана калыбына келтирүү боюнча жоболор;<br>• Академиялык карыздарды жоюу боюнча документтер;<br>• Жеңилдик алган студенттер боюнча буйруктар;<br>• Онлайн сабактардын жана электрондук ресурстардын шилтемелери;<br>• Университеттин расмий сайты жана электрондук китепканасынын материалдары.</td>
<td>кураторлук иштер) колдонулары;<br>• Студенттердин жетишүүсүнө, сабакка катышуусуна жана окуудан чыгып кетүү себептерине туруктуу мониторинг жүргүзүлөрү;<br>• Дистанттык жана электрондук окутуу технологияларын колдонуу боюнча мүмкүнчүлүктөр түзүлгөнү;<br>• Социалдык жактан колдоого муктаж студенттерге жеңилдик берүү жана консультациялык жардам көрсөтүү иштери жүргүзүлөрү.</td>
<td></td>
</tr>
<tr>
<td>Күчтүү жактары</td>
<td>Алсыз жактары</td>
<td>Сунуштар</td>
</tr>
<tr>
<td>1. Окуу процессинде студентке багытталган окутуу принциптери колдонулат.<br>2.Инновациялык педагогикалык методдор жана интерактивдүү технологиялар активдүү пайдаланылат.<br>3. E-bilim платформасы аркылуу электрондук жана дистанттык окутуу системасы ишке ашырылган.</td>
<td>1. Студенттердин кайтарым байланышынын негизинде кабыл алынган конкреттүү чечимдердин мисалдары жетиштүү деңгээлде көрсөтүлгөн эмес.<br>2. Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу боюнча системалуу мониторинг жана талдоо толук чагылдырылган эмес.</td>
<td>1. Студенттердин кайтарым байланышынын негизинде кабыл алынган чечимдерди жана өзгөртүүлөрдү конкреттүү мисалдар менен чагылдыруу;<br>2.Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу боюнча маалыматтар базасын түзүп, мониторингди системалуу жүргүзүү.</td>
</tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| көзөмөл E-bilim системасында автоматташтырылган тесттер аркылуу жүргүзүлүп, апелляция берүү тартиби ички жоболор менен жөнгө салынганы көрсөтүлгөн. Экзамендердин жүрүшүнө видеокөзөмөл уюштурулуп, студенттердин укуктарын коргоо жана баалоонун объективдүүлүгүн камсыз кылуу боюнча чаралар көрүлгөнү аныкталды.<br>Студенттерден үзгүлтүксүз кайтарым байланыш алуу боюнча механизмдер да камтылган. Анонимдүү анкеталар, ишеним кутусу, кураторлук сааттар жана студенттер менен жолугушуулар аркылуу алардын сунуш-пикирлерин алуу системасы иштээри көрсөтүлгөн. Студенттердин сабакка катышуусу, жетишүүсү жана академиялык карыздары боюнча туруктуу мониторинг жүргүзүлүп, көйгөйлөрдү алдын алуу максатында кураторлор, кафедра жана деканат тарабынан тиешелүү иштер аткарылары белгиленген.<br>О.э. окуудан чыгып кетүү себептерине анализ жүргүзүү, академиялык карыздарды жоюу, материалдык абалы оор студенттерге жеңилдик берүү, жетишүүсү төмөн студенттер үчүн кошумча консультацияларды уюштуруу боюнча иштер жүргүзүлөрү көрсөтүлгөн. Студенттердин | 4. Баалоонун критерийлери, апелляция берүү жол-жоболору жана академиялык карыздарды жоюу механизмдери ички жоболор менен жөнгө салынган.<br>5.Студенттердин жетишкендиктерин электрондук система аркылуу мониторинг жүргүзүү уюштурулган.<br>6. Студенттерден кайтарым байланыш алуу үчүн анкеталоо, ишеним кутусу жана кураторлук иштер жүргүзүлөт.<br>7.Сабактарды өтүүдө мультимедиялык жана санариптик ресурстар кеңири колдонулат.<br>8. Окутуучулар инновациялык технологияларды колдонуу боюнча квалификациясын жогорулатып турушат.<br>9.Социалдык жактан колдоого муктаж студенттер үчүн жеңилдиктер жана консультациялык жардам каралган;.<br>10. Дистанттык окутуу үчүн техникалык инфраструктура жана электрондук ресурстар жетиштүү деңгээлде камсыздалган.<br>11.Академиялык мобилдүүлүк жана жеке окуу траекторияларын ишке ашыруу боюнча практикалык иштер каралган. | | |

<table>
<tr><td>жеке өзгөчөлүктөрүн жана социалдык муктаждыктарын эске алуу менен окуу процессин уюштурууга аракеттер бар экендиги байкалат.</td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td colspan="4">Корутунду: 3- стандарт . "Окуучуга багытталган окутуу жана окуучулардын билим алуу жетишкендиктерин баалоо" "Сапаттуу билим" агенттигинин стандартына жооп берет</td></tr>
<tr><td>Стандарттар</td><td>Талданган документтер</td><td>Төмөнкүлөр аныкталган:</td><td>Бирок</td></tr>
<tr><td>4-стандарт<br>Окутуу жана билим берүү жагынан колдоо көрсөтүүчү персонал<br>4-стандарт көрсөткөндөй, «Айыл- чарбасынын бакалавры» багыты боюнча ББПда педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналдын курамы билим берүү программасынын максаттарына жана эмгек мыйзамдарынын талаптарына ылайык келет. Профессордук-окутуучулук жамаат жогорку билимдүү, тиешелүү квалификацияга жана практикалык тажрыйбага ээ адистерден түзүлгөн. Кафедрада кадрларды тандоо, мотивациялоо жана квалификациясын жогорулатуу боюнча тиешелүү ченемдик документтер иштелип чыгып, колдонулууда.<br>Профессордук-окутуучулук курамдын (ПОК) сапаттык жана сандык курамы негизинен ББПнын профилине шайкеш түзүлгөн. Окутуучулардын басымдуу бөлүгү жогорку кесиптик билимге ээ болуп, илимий даражаларга жана</td><td>•Кафедранын штаттык формуляры;<br>•Кафедра жөнүндө жобо;<br>•ПОЖдун функционалдык милдеттери жөнүндө жобо;<br>•Сыйлоо жана мотивациялоо механизмдери боюнча ички буйруктар жана жоболор;<br>•Сыйлык берүү жана мотивациялоо боюнча документтер;<br>•“Жыл мыктысы” жобосу;<br>•Жыл мыктысы, мыкты окутуучу, мыкты кафедра сыяктуу стимулдаштыруу системасы;<br>•ПОЖдун рейтингин жүргүзүү жөнүндө жобо;<br>•Квалификацияны жогорулатуу боюнча жобо жана перспективдүү план;<br>•ПОЖдун жекече пландары;<br>•Иш берүүчүлөр менен жолугушуулардын протоколдору;<br>•Окуу-методикалык иштерди пландоо жана аткаруу боюнча жеке жана кафедралык пландар.<br>•Окуу-методикалык комплекстер;<br>•Окуу китептеринин жана методикалык колдонмолордун тизмеси;<br>•Куратордук иш пландары;</td><td>• Профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясы жана билими билим берүү программасынын талаптарына ылайык экени далилденген;<br>• Кафедраларда кадрларды тандоо жана бекитүү боюнча ички критерийлер иштелип чыккан;<br>• ПОЖду баалоо жана мотивациялоо үчүн эмгек акыны жогорулатуу, сыйлык берүү жана ардак грамоталар менен сыйлоо системасы колдонулат;<br>• Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу үзгүлтүксүз жүргүзүлүп, тренингдер, семинарлар жана курстар уюштурулуп турат;<br>• Окутуучулардын электрондук билим берүү, интерактивдүү технологиялар жана санариптик платформалар менен иштөөсү колдоого алынган;<br>• Окуу-методикалык ишмердүүлүк системалуу пландалат жана аткарылат;<br>• Окуу-методикалык камсыздоо жетиштүү деңгээлде уюштурулган;</td><td>• Окутуучулардын илимий-изилдөө активдүүлүгү жана эл аралык деңгээлдеги публикациялары боюнча маалыматтар чектелүү берилген. Айрыкча Scopus жана Web of Science сыяктуу эл аралык илимий базаларда индекстелген макалалардын саны, алардын динамикасы жана кафедра боюнча жалпы илимий продуктивдүүлүк боюнча системалуу аналитикалык маалыматтар жетиштүү берилген эмес.<br>• Айрым окуу-методикалык материалдарды үзгүлтүксүз жаңыртып туруу сунушталат<br>•Аймактан келген студенттер үчүн жатакана маселеси толук чечилген эмес.</td></tr>
</table>

<table>
<tr>
<td rowspan="3">наамдарга ээ болгон адистерден турат. Бул өз кезегинде окуу процессинин илимий-методикалык деңгээлин жогорулатууга шарт түзөт.<br>О.э. окуу-көмөкчү персонал лабораториялык, практикалык жана техникалык иштерди камсыз кылуу аркылуу билим берүү процессинин үзгүлтүксүз жана сапаттуу жүрүшүнө көмөк көрсөтөт.<br>Кадрларды башкаруу системасы ички нормативдик документтер менен жөнгө салынары белгиленген. Атап айтканда, кафедранын жобосу, окутуучулардын функционалдык милдеттери, рейтингдик баалоо системасы жана квалификацияны жогорулатуу тууралуу жоболор персоналдын ишмердүүлүгүн уюштуруунун укуктук жана административдик негизин түзөт. Бул документтер кадрдык саясаттын ачык-айкын жана системалуу жүргүзүлүшүн камсыздайт.<br>Мындан тышкары, педагогикалык персоналды тандоо жана бекитүү процесси конкурстук негизде жүргүзүлүп, алардын квалификациялык талаптарга шайкештиги эске алынары көрсөтүлгөн.<br>Окутуучулардын кесиптик компетенттүүлүгү алардын сабак өтүү сапаты, илимий-изилдөө ишмердүүлүгү жана окуу-усулдук материалдарды даярдоо</td>
<td>• Тайпаларга бекитилген кураторлордун тизмеси.</td>
<td>• Окутуучулардын окуу-усулдук материалдарды даярдоосу жана жарыялоосу акыркы жылдары активдүү жүрүп жаткандыгы белгиленген;<br>• Кураторлук система аркылуу студенттерге тарбиялык жана социалдык-педагогикалык колдоо көрсөтүлөт.<br>• E-bilim платформасында окуу материалдары жайгаштырылган.</td>
<td></td>
</tr>
<tr>
<td>Күчтүү жактары</td>
<td>Алсыз жактары</td>
<td>Сунуштар</td>
</tr>
<tr>
<td>1. Профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясы жана билими билим берүү программасынын талаптарына негизинен шайкеш келет.<br>2. Кафедрада кадрларды тандоо, бекитүү жана башкаруу боюнча ички нормативдик документтер системалуу иштелип чыккан.<br>3. Окутуучулардын кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу үчүн үзгүлтүксүз квалификацияны жогорулатуу курстары, семинарлар жана тренингдер уюштурулат.<br>4. Мотивациялоо системасы (сыйлыктар, ардак грамоталар, “жыл мыктысы” ж.б.) ишке ашырылып, персоналдын эмгекке болгон кызыгуусу жогорулаган.<br>5. Окуу-методикалык ишмердүүлүк пландуу жүргүзүлүп, ОМК иштелип чыгып колдонулууда.<br>6. Санариптик платформалар жана электрондук билим берүү ресурстары окутуу процессинде активдүү пайдаланылууда.</td>
<td>1. Окутуучулардын эл аралык публикациялык активдүүлүгү толук чагылдырылган эмес.<br>2.Айрым окуу-методикалык материалдарды жаңыртуу зарылдыгы байкалат.<br>3. Аймактардан келген студенттер үчүн жатакана менен камсыздоо маселеси толук деңгээлде чечилбегендиги байкалат.</td>
<td>1. Окутуучулардын илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн, анын ичинде Scopus жана Web of Science базаларындагы публикацияларды системалуу түрдө чагылдыруу, ошондой эле аналитикалык отчетторду киргизүү. Мындан тышкары, илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн жана эл аралык публикацияларды активдештирүү максатында стимулдаштыруу чараларын күчөтүү.<br>2. Окуу-методикалык материалдарды үзгүлтүксүз жаңыртып туруу, заманбап билим берүү талаптарына ылайык методикалык базаны жаңылоо.<br>3.Аймактардан келген студенттерди жатакана менен камсыздоону жакшыртуу, инфраструктураны кеңейтүү жана жашоо шарттарын оптималдаштыруу боюнча чараларды күчөтүү.</td>
</tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| деңгээли аркылуу бааланары белгиленген.<br>Кадрлардын квалификациясын жогорулатуу багытында да системалуу иштер жүргүзүлүп келет. Окутуучулар КРнын алдыңкы ЖОЖда, тренингдерде жана семинарларда үзгүлтүксүз окуудан өтүп турушат. Айрыкча санариптик билим берүү технологияларын, интерактивдүү окутуу ыкмаларын жана электрондук платформаларды колдонууга багытталган курстарга катышуу активдүү жүргүзүлөт. Бул окутуучулардын заманбап билим берүү чөйрөсүнө ылайык адаптация болушун камсыз кылат.<br>ПОЖдун окуу-методикалык ишмердүүлүгү системалуу жүргүзүлүп, ОМК, окуу китептери жана методикалык колдонмолор даярдалып, E-bilim платформасына жайгаштырылган.<br>ББПда студенттерди тарбиялоо жана колдоо максатында кураторлор дайындалып, кураторлук иштер пландуу жүргүзүлөт. Кураторлор студенттерге социалдык-педагогикалык жана тарбиялык колдоо көрсөтүшөт. Окутуучулар окуу жылына карата жеке пландарды түзүп, окуу-усулдук материалдарды иштеп чыгышат жана жарыялашат. Дисциплиналар боюнча ОМК | 7. Кураторлук система аркылуу студенттерге тарбиялык жана социалдык колдоо көрсөтүү уюштурулган. | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| иштелип чыгып, электрондук платформаларда колдонууга берилген. Бул студенттердин билим алуусун жеңилдетип, окуу процессинин сапатын жогорулатат<br>О.э. мотивациялоо системасы да иштелип чыккан. Окутуучуларга эмгек акынын жогорулашы, жылдык сыйлыктар, ардак грамоталар, “мыкты окутуучу”, “мыкты куратор” сыяктуу наамдар менен сыйлоо механизмдери колдонулат. Бул факторлор персоналдын эмгекке болгон кызыгуусун жана жоопкерчилигин жогорулатууга өбөлгө түзөт.<br>Бирок талдоонун жүрүшүндө айрым көйгөйлөр да байкалат. Аймактардан келген студенттер үчүн жатакананын жетишсиздиги жана кураторлордун эмгегине кошумча төлөмдөрдүн каралбагандыгы окуу процессинин сапатына таасирин тийгизүүчү фактор катары белгиленет. | | | |
| **Корутунду** 4- стандарт “Педагогикалык жана билим берүүчү – жардамчы персонал” "Сапаттуу билим" агенттигинин стандартына **жарым-жартылай жооп берет** | | | |
| **Стандарттар** | **Талданган документтер** | **Төмөнкүлөр аныкталган:** | **Бирок** |
| **5-стандарт Материалдык жана маалыматтык ресурстар**<br>**5-стандарт көрсөткөндөй,** ББПда МТБ жана маалыматтык ресурстар менен негизинен жетиштүү деңгээлде | • Материалдык-техникалык базаны тастыктаган уюштуруу түзүмү жана ички регламенттер;<br>•Окуу корпустарынын, лабораториялардын жана административдик имараттардын техникалык паспорттору; | •Окуу корпустары интерактивдүү доска, компьютерлер жана интернет менен камсыздалган;<br>•Компьютердик класстар жана электрондук китепкана окуу процессине интеграцияланган; | •Аймактан келген студенттер үчүн жатакана маселеси толук деңгээлде чечилген эмес;<br>•Айрым окуу-методикалык материалдарды жаңыртуу системалуу мүнөзгө ээ эмес; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| камсыздалгандыгы аныкталды. Университетте окуу процессин сапаттуу уюштуруу үчүн зарыл болгон окуу аудиториялары, лабораториялар, компьютердик класстар, китепкана фонду жана электрондук маалыматтык ресурстар ишке киргизилген жана үзгүлтүксүз колдонулууда. Бул ресурстар студенттердин теориялык билим алуусун гана эмес, практикалык көндүмдөрүн калыптандырууга да шарт түзөт.<br>Окуу аудиториялары заманбап окуу жабдуулары менен, анын ичинде интерактивдүү доска, мультимедиялык каражаттар жана интернетке туташкан компьютерлер менен камсыздалган. Бул окутуунун интерактивдүү формаларын колдонууга жана сабактарды санариптик технологиялар аркылуу өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Компьютердик класстарда билим берүү программасына тиешелүү программалык камсыздоолор орнотулуп, студенттердин маалыматтык-коммуникациялык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзүлөт.<br>Лабораториялык база студенттерге кесиптик дисциплиналар боюнча практикалык иш-аракеттерди жүргүзүүгө шарт түзүп, окуу процессинин практикага багытталышын камсыздайт. | •Санитардык-эпидемиологиялык кызматтын расмий корутундулары;<br>• Өрт коопсуздугу, эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча нускамалар, журналдар жана буйруктар;<br>• Аудиториялардын, компьютердик класстардын жана лабораториялардын паспорттук документтери;<br>• Китепкана фондунун, электрондук китепкананын жана окуу-методикалык ресурстардын тизмектери жана отчеттору;<br>•E-bilim платформасы жана автоматташтырылган башкаруу системалары боюнча маалыматтар жана колдонуу отчеттору;<br>•Студенттердин материалдык-техникалык база боюнча анкеталоо жыйынтыктары жана анализдери;<br>•Медициналык пункттун ишмердүүлүгү боюнча документтер (журналдар, кызмат көрсөтүү тартиби, ички нускамалар);<br>•Тамактануу жайынын (ашкана/буфет) иши боюнча документтер жана санитардык талаптарга шайкештик актылары;<br>• Спорт аянтчасынын абалы жана пайдалануу тартиби боюнча ички документтер жана жооптуу кызматкерлердин отчеттору. | •Окуу жайлар санитардык жана өрт коопсуздук талаптарына жооп берет;<br>• Долбоордун алкагында Түрк кызматташтык жана координация агенттиги (TİKA) тарабынан ачылган лабораторияда топурак жана суу боюнча илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө кеңири мүмкүнчүлүктөр түзүлгөндүгү аныкталды.<br>•E-bilim платформасы аркылуу окуу процессин башкаруу жана баалоо ишке ашырылат;<br>•Студенттер үчүн маалыматтык системалар жана электрондук ресурстар жеткиликтүү;<br>• Китепкана фонду жана ОМК электрондук форматта да колдонулат;<br>• Сурамжылоолор боюнча студенттердин материалдык базадан канааттануу деңгээли жогору. | • Китепкана фондун заманбап илимий базалар (Scopus, Web of Science сыяктуу) менен интеграциялоо чектелүү. |
| | **Күчтүү жактары** | **Алсыз жактары** | **Сунуштар** |
| | 1. Материалдык-техникалык база жетиштүү деңгээлде түзүлгөн;<br>2. Коопсуздук жана санитардык талаптар толук сакталат; | 1. Жатакана менен камсыздоо маселеси толук чечилген эмес;<br>2. Окуу-методикалык материалдарды жаңыртуу үзгүлтүксүз эмес; | 1.Студенттерди жатакана менен камсыздоону жакшыртуу боюнча кошумча чараларды көрүү. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Китепкана фондуокуу-усулдук колдонмолорду жана кошумча адабияттарды камтыйт, бирок негизги окуу китептери аз. О.э. электрондук китепкана жана онлайн окуу материалдары аркылуу студенттерге маалыматтык ресурстарга кеңири жеткиликтүүлүк камсыздалган.<br>Маалыматтык ресурстарды башкарууда университеттин автоматташтырылган системалары жана E-bilim платформасы активдүү колдонулат. Бул системалар окуу процессин уюштурууну, студенттердин жетишүүсүн баалоону жана академиялык маалыматтарды башкарууну жеңилдетет.<br>Өрт коопсуздугу жана санитардык-гигиеналык талаптары сакталган. Окуу корпустарында өрт өчүрүү каражаттары орнотулуп, эвакуациялык пландар илинген. Лабораторияларда жана компьютердик класстарда коопсуздук техникасы боюнча нускамалар үзгүлтүксүз өткөрүлүп, атайын журналдарга катталат. Санитардык нормаларга ылайык окуу жайлардын абалы көзөмөлгө алынган жана студенттер үчүн коопсуз билим берүү чөйрөсү камсыз кылынган.<br>Жалпысынан, МТБ жана маалыматтык ресурстар билим берүү программасын ишке ашырууга жетиштүү деңгээлде | 3. Электрондук билим берүү платформалары (E-bilim) иштейт;<br>4. Китепкана жана компьютердик ресурстар жеткиликтүү;<br>5. Окуу процесси санариптик системалар менен колдоого алынган.<br>6. TİKA долбоорунун негизинде ачылган лаборатория топурак жана суу боюнча илимий-изилдөөлөрдү жүргүзүүгө заманбап шарттарды камсыз кылат. | 3. Илимий маалымат базаларына (Scopus/Web of Science) жеткиликтүүлүк чектелүү; | 2. Окуу-методикалык материалдарды үзгүлтүксүз жаңыртуу системасын киргизүү.<br>3.Scopus, Web of Science сыяктуу эл аралык базаларга жеткиликтүүлүктү кеңейтүү. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| шарт түзүп, окуу процессинин сапатын камсыздоого багытталган. | | | |
| **Корутунду:** 5- стандарт . " **Материалдык жана маалыматтык ресурстар** " "Сапаттуу билим"агенттигинин стандартына **жарым-жартылай жооп берет** | | | |
| **Стандарттар** | **Талданган документтер** | **Төмөнкүлөр аныкталган:** | **Бирок** |
| **6-стандарт**<br>**Билим берүү программасы боюнча илимий, методикалык жана изилдөө иштери**<br>**6-стандарт көрсөткөндөй**, ББПда илимий-изилдөө жана илимий-методикалык иштер системалуу түрдө уюштурулгандыгы аныкталды. ПОК региондук, улуттук жана айрым багыттар боюнча эл аралык деңгээлдеги илимий изилдөөлөрдү активдүү жүргүзүп, алардын натыйжаларын окуу процессине киргизүү менен теория менен практиканын байланышын камсыз кылууда.<br>Окуу-илимий ишмердүүлүк кафедранын негизги илимий багыттарына шайкеш жүргүзүлүп, өзгөчө “Талас өрөөнүнүн топурак ресурстары”, биогеохимиялык процесстер, экологиялык абал жана агроэкологиялык изилдөөлөр боюнча иштер үзгүлтүксүз аткарылууда. Илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктары лекциялык курстарда, практикалык сабактарда жана | •Кафедранын илимий-изилдөө иштеринин пландары жана жылдык отчеттору;<br>• ПОКтун илимий отчеттору;<br>• Илимий темалардын жана БКИ (бакалаврдык квалификациялык иштер) темаларынын бекитилген тизмелери;<br>•Студенттердин илимий ишмердүүлүгү боюнча маалыматтар жана конференция материалдары;<br>•Илимий макалалардын, басылмалардын жана публикациялардын тизмелери;<br>•Лабораториялык изилдөөлөрдү тастыктаган документтер (анын ичинде TIKA долбоорунун лабораториясы);<br>•Эл аралык долбоорлор боюнча келишимдер, меморандумдар жана отчеттор (Erasmus+, өнөктөштүк программалар ж.б.);<br>•студенттердин илимий конференцияларга катышуу протоколдору жана сертификаттары;<br>•Ички мобилдүүлүк жана академиялык алмашуу боюнча документтер;<br>• Электрондук маалымат базалары жана E-bilim платформасынын материалдары; | •Кафедрада илимий изилдөөлөрдүн негизги багыттары (топурак, экология, биогеохимия ж.б.) системалуу жүргүзүлөт;<br>• ПОЖдун илимий эмгектери жана студенттик изилдөөлөрдүн жыйынтыктары конференцияларда апробацияланат;<br>• Илимий ишмердүүлүк окуу процессине интеграцияланган;<br>• Эл аралык долбоорлор (TIKA, Erasmus+ ж.б.) аркылуу илимий мүмкүнчүлүктөр кеңейтилген;<br>•Лабораториялык база илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө шарт түзөт;<br>• Студенттердин илимий активдүүлүгү акырындык менен өсүүдө. | • Илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн чагылдырган айрым документтерде маалыматтардын бирдиктүү системага салынбагандыгы, айрыкча Scopus/Web of Science базасындагы публикациялар боюнча маалыматтар толук жана ырааттуу көрсөтүлбөгөндүгү байкалды. Бул илимий активдүүлүктүн эл аралык деңгээлдеги көрсөткүчтөрүн толук баалоого кыйынчылык жаратат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| лабораториялык иштерде колдонулуп, студенттердин билим сапатын жогорулатууга өбөлгө түзүүдө.<br>Студенттер илимий-изилдөө иштерине активдүү тартылып, кафедралык жана университеттик деңгээлдеги илимий-практикалык конференцияларга катышууда. Алар өз илимий баяндамаларын даярдап, макалаларын жарыялоо аркылуу изилдөөчүлүк компетенцияларын калыптандырууда. Бул процесс студенттердин аналитикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө жана кесиптик даярдыгын чындоого шарт түзөт. | •Илимий ишмердүүлүктү стимулдаштыруу боюнча жоболор жана сыйлоо документтери;<br>•Кафедралык жыйындардын протоколдору жана илимий иштерди бекитүү материалдары. | | |
| | **Күчтүү жактары** | **Алсыз жактары** | **Сунуштар** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Ошондой эле кафедрада илимий-методикалык иштер да системалуу жүргүзүлүп, окутуучулар тарабынан окуу-усулдук колдонмолор, методикалык көрсөтмөлөр жана окуу куралдары иштелип чыгып, окуу процессинде колдонулууда. Бул материалдар билим берүү программасынын мазмунун жаңыртууга жана сапатын жогорулатууга багытталган. | 1.TIKA долбоорунун негизинде заманбап лабораториянын ачылышы жана жабдылышы.<br>2. Эл аралык долбоорлорго активдүү катышуу (Германия, ЕС программалары);<br>3. ПОЖдун илимий темалар боюнча үзгүлтүксүз изилдөө жүргүзүүсү.<br>4.Студенттерди илимий иштерге тартуу системасынын болушу.<br>5. Конференциялардын үзгүлтүксүз уюштурулушу.<br>6. Илимий натыйжалардын окуу процессинде колдонулушу. | 1.Scopus жана Web of Science базасындагы публикациялар толук деңгээлде чагылдырылган эмес.<br>2. Студенттердин илимий ишмердүүлүгү контингентке салыштырмалуу төмөн. | 1.Scopus, Web of Science жана башка эл аралык базалардагы публикацияларды системалуу түрдө көбөйтүү жана отчеттордо толук чагылдыруу.<br>2. Студенттердин илимий ишмердүүлүгүн активдештирүү үчүн ийримдерди жана гранттык долбоорлорду көбөйтүү. |
| **Корутунду:** 6-стандарт. " Билим берүү программасы боюнча илимий, методикалык жана изилдөө иштери" "Сапаттуу билим" агенттигинин стандартына **жооп берет** | | | |
| **Стандарттар** | **Талданган документтер** | **Төмөнкүлөр аныкталган:** | **Бирок** |
| **7-стандарт**<br>**Маалыматты башкаруу жана аны коомчулукка жайылтуу**<br>**7-стандарт көрсөткөндөй,** билим берүү программасында маалыматтарды башкаруу жана коомчулукка жеткирүү боюнча системалуу иштер жүргүзүлөрү аныкталды.<br>Талдоо учурунда E-bilim маалыматтык системасы, студенттердин контингенти боюнча маалыматтар, электрондук журналдар, сурамжылоолор, университеттин | • E-bilim электрондук маалыматтык системасы;<br>• Студенттердин контингенти боюнча маалыматтар;<br>• Электрондук журналдар жана рейтингдик ведомосттор;<br>• Студенттердин, бүтүрүүчүлөрдүн жана иш берүүчүлөрдүн сурамжылоолору;<br>• Илимий-изилдөө иштери боюнча материалдар;<br>• Университеттин расмий сайты; | • ББПны маалыматтарды башкаруунун автоматташтырылган механизмдерин колдонуу менен студенттердин контингенти, академиялык жетишкендиктери, окуу процесси, илимий-изилдөө ишмердүүлүгү жана бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу боюнча маалыматтарды системалуу түрдө чогултуп, талдап жана сактап келет. | • Илимий-изилдөө иштеринин натыйжалуулугун көрсөткөн аналитикалык маалыматтар, эл аралык маалымат базаларындагы публикациялар жана илимий активдүүлүк боюнча салыштырма көрсөткүчтөр толук чагылдырылган эмес.<br>• Социалдык тармактар жана маалыматтык ресурстар активдүү колдонулганына карабастан, билим берүү программасы боюнча англис тилиндеги маалыматтардын көлөмү чектелүү экени байкалат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| расмий сайты, социалдык тармактар, электрондук китепкана жана дистанттык окутуу платформалары каралды.<br>Маалыматтарды чогултуу, сактоо жана талдоо негизинен E-bilim автоматташтырылган системасы аркылуу жүргүзүлөт. Система студенттердин контингентин, сабакка катышуусун, академиялык жетишкендиктерин жана рейтингдик көрсөткүчтөрүн көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берет. Электрондук журналдарды колдонуу баалоонун ачыктыгын жана объективдүүлүгүн камсыз кылат.<br>Студенттерден, бүтүрүүчүлөрдөн жана иш берүүчүлөрдөн сурамжылоолор алынып, алардын жыйынтыктары билим берүү программаларын жакшыртууда колдонулат. Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу жана студенттердин илимий ишмердүүлүгү боюнча маалыматтар да системалуу түрдө топтолот.<br>Университет өзүнүн ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтарды расмий веб-сайт, социалдык тармактар жана маалымат каражаттары аркылуу коомчулукка үзгүлтүксүз жеткирип турат. Билим берүү программалары, кабыл алуу шарттары, окуу мүмкүнчүлүктөрү жана илимий ишмердүүлүк боюнча | • Социалдык тармактар жана маалыматтык ресурстар;<br>• Электрондук китепкана жана электрондук окутуу платформалары;<br>• Маалыматтык буклеттер жана жарнамалык материалдар | • E-bilim платформасы аркылуу студенттердин сабакка катышуусу, жетишкендиктери, рейтингдик көрсөткүчтөрү жана электрондук ведомосттору үзгүлтүксүз жүргүзүлүп, окуу процессинин ачыктыгын жана объективдүүлүгүн камсыз кылууда.<br>• Студенттердин, бүтүрүүчүлөрдүн жана иш берүүчүлөрдүн канааттануу деңгээлин аныктоо максатында сурамжылоолор уюштурулуп, алардын жыйынтыктары билим берүү программаларын өркүндөтүүдө эске алынары белгиленген.<br>• Университеттин расмий сайты, социалдык тармактары, маалымат каражаттары жана электрондук ресурстары аркылуу билим берүү программалары, окутуунун натыйжалары, кабыл алуу шарттары, академиялык мүмкүнчүлүктөр жана илимий ишмердүүлүк тууралуу маалыматтар коомчулукка жеткиликтүү жайгаштырылган.<br>• Университетте маалыматтык-билим берүү чөйрөсү калыптанып, электрондук китепкана, дистанттык окутуу платформалары жана | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| маалыматтар жеткиликтүү жайгаштырылган. | | автоматташтырылган башкаруу системалары иштеп жатканы аныкталды. | |
| | **Күчтүү жактары** | **Алсыз жактары** | **Сунуштар** |
| | 1.Маалыматтарды башкаруунун автоматташтырылган e-bilim системасынын иштеши.<br>2.Студенттердин жетишкендиктерин электрондук мониторингдөө системасынын болушу.<br>3.Университеттин расмий сайты жана социалдык тармактар аркылуу маалыматтын ачык жайгаштырылышы.<br>4.Студенттер, бүтүрүүчүлөр жана иш берүүчүлөр менен кайтарым байланыш механизмдеринин уюштурулушу.<br>5. Электрондук китепкананын жана дистанттык окутуу платформаларынын иштеши.<br>6. Маалыматтык-билим берүү чөйрөсүнүн калыптанышы. | 1. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу боюнча маалыматтар толук берилген эмес.<br>2.Эл аралык маалыматтык мейкиндикке багытталган көп тилдүү маалымат ресурстары жетишсиз. | 1. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгү боюнча көрсөткүчтөрдү, анын ичинде Scopus жана Web of Science базаларындагы публикацияларды системалуу чагылдыруу.<br>2.Университеттин веб-сайтындагы жана социалдык тармактарындагы маалыматтарды көп тилде жайылтууну күчөтүү. |
| **Корутунду:** 7-стандарт. " Маалыматты башкаруу жана аны коомчулукка жайылтуу " "Сапаттуу билим" агенттигинин стандартына **жооп берет** | | | |

## IV. ТЫШКЫ ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯНЫН ОКУУ ЖАЙГА БОЛГОН САПАРЫ БОЮНЧА МААЛЫМАТ

2026-жылдын 19-майынан 20-майына чейин бекитилген Тышкы визит программасына ылайык, Ж. Баласагын атындагы КУУнун Талас аймактык көп тармактуу институтуна тышкы сапар иши жүргүзүлдү .

Институттун материалдык-техникалык жана окуу лабораториялык базаларын визуалдык текшерүү учурунда, билим берүү уюмунда билим берүү программаларын ишке ашырууну колдогон бир нече окуу имараттары жана инфраструктуралык объектилер бар экени аныкталган.

**№1 - имарат** административдик блок болуп саналат, анда директордун кеңсеси, окуу бөлүмү, директордун орун басарынын кеңсеси, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, лицензиялоо жана аккредитациялоо бөлүмү жана кадрлар бөлүмү жайгашкан.

**№3 жана №4- имараттардын аймагында курулуш иштери жүрүп жатат**: жаңы класстык имарат жана спорт зал курулууда. Ошондой эле, студенттердин спорттук машыгуусу үчүн колдонулган ачык футбол аянтчасы иштеп жатат.

**№5 - имаратта** окуу класстары жана адистештирилген бөлмөлөр бар. Экинчи кабатта жаратылыш таануу лабораториясы жана 213-кабинет жайгашкан. Үчүнчү кабатта методикалык кабинеттер (302 жана 305-кабинеттер), география (3/15-кабинет), жалпы биология (312-кабинет) жана айыл чарба экономикасы (315-кабинет) жайгашкан.

**6а - имаратында** класстар жана лабораториялар жайгашкан. Биринчи кабатта компьютердик класс (2а бөлмө), электроника жана электротехника лабораториясы (3а бөлмө) жана компьютердик системаларды тейлөө жана оңдоо лабораториясы (12а бөлмө) жайгашкан. Экинчи кабатта компьютердик класстар (4а жана 5а бөлмөлөр), англис тили лабораториялары (212 бөлмө) жана чет тилдерди окутуу методикасы лабораториясы (205 бөлмө), ошондой эле Америка Ордосу маалымат-ресурстук борбору жана Орус тили борбору жайгашкан.

**№6б - имаратында** гуманитардык сабактар үчүн класстар бар: Кыргызстандын тарыхы классы (111б - б), Чыңгыз Айтматов классы (112б- б ), компьютердик класс (113б-б), англис тили классы (1А) жана китепкана.

Жалпысынан алганда, институттун имараттары административдик, окуу, лабораториялык жана адистештирилген аудиторияларды, ошондой эле спорттук инфраструктураны камтыйт, бул окуу процессин жана студенттердин практикалык даярдыгын ишке ашырылып жаткан окутуу багыттарына ылайык уюштурууга мүмкүндүк берет.

**Расмий веб-сайт** Ж. Баласагын атындагы КУУнун ТалРКТИ онлайн режиминде жана техникалык жактан иштеп жатат. Негизги маалыматтар жеткиликтүү. Бирок, веб-сайт ыраатсыз жаңыртылып турат жана мекеменин учурдагы ишмердүүлүгүн толук чагылдырбайт; акыркы жаңылыктар жана иш-чаралар социалдык медиада жарыяланып турат.

**Тышкы сапар учурунда 7 маектешүү** өткөрүлдү . Максаттуу топтор менен жолугушуулар белгиленген убакыт аралыгына ылайык, визит программасына ылайык өткөрүлдү. Ж. Баласагын атындагы КУУнун ТалРКТИ кызматкерлери визит программасында көрсөтүлгөндөрдүн 100% катышуусун камсыздашты.

Маектешүүгө катышкандардын саны 105 адамды түздү, анын ичинде студенттер, бүтүрүүчүлөр, жумуш берүүчүлөр, окутуучулар, административдик жана башкаруу персоналы жана менеджер бар.

**Студенттер менен болгон маектерде** алар жалпысынан окуу процессинин уюштурулушуна, окуу чөйрөсүнө жана окутуунун сапатына канааттангандыгы аныкталды. Студенттер окутуучулардын кесипкөйлүгүн, окуу материалдарынын жеткиликтүүлүгүн жана санариптик технологияларды колдонууну белгилешти. Ошондой эле, имараттарды жакшыртуу жана практикалык окутууну күчөтүү боюнча сунуштар айтылды.

**Бүтүрүүчүлөр** өздөрүнүн билимин оң баалашат, алынган билим менен көндүмдөрдүн кесиптик ишиндеги актуалдуулугун белгилешет жана адистикти тандоону туура деп эсептешет. Бирок, бүтүрүүчүлөр айрым дисциплиналардын практикалык багытын күчөтүүнү сунушташат.

**Окутуучулар менен болгон маектерде** алар окуу процессинин уюштурулушун, психологиялык климатты жана кесиптик өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн оң баалай тургандыгы көрсөтүлдү. Бирок, алар материалдык-техникалык инфраструктураны жакшыртуу жана мотивацияны жогорулатуу зарылдыгын белгилешти.

**Билим берүү уюмунун администрациясы** билим берүү программасын иштеп чыгуу Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына, ички сапат системасына жана эмгек рыногунун муктаждыктарына ылайык жүргүзүлөрүн жана аккредитациянын жыйынтыктары ишмердүүлүктү андан ары өркүндөтүүнүн куралы катары караларын баса белгилейт.

**Ата-энелер жана жумуш берүүчүлөр** билим берүү процессинин уюштурулушуна жана окуучуларды даярдоонун сапатына оң баа беришти. Ата-энелер окуу шарттарынын жеткиликтүүлүгүн жана мугалимдер тарабынан көрсөтүлгөн колдоону белгилешти. Жумуш берүүчүлөр бүтүрүүчүлөрдүн негизги кесиптик компетенциялары, өнүгүү жөндөмү бар экенин жана кесиптик ишке даяр экенин тастыкташты, ошол эле учурда практикалык окутууну күчөтүүнү жана заманбап санариптик технологияларды ишке ашырууну сунушташты.

**Жетекчи маегинде** билим берүү уюму адистерди даярдоонун сапатын жакшыртууга, санариптик билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүүгө, жумуш берүүчүлөр менен байланышты бекемдөөгө жана материалдык-техникалык базасын жакшыртууга көңүл буруп жатканын белгиледи.

Иш сапарынын алкагында эксперттер төмөнкү **практикалык базаларды көрүштү**:
1." Элдик банк" ААК
2. Р.Я.Рысакова атындагы №2 орто жалпы билим берүүчү мектеп
3. Сыдыков атындагы №4 орто мектеп
4. УТРК Талас ( Талас облустук мамлекеттик телерадиоберүү компаниясы)
5. Кыргызтелеком " ААКнын Талас аймактык филиалы

Стажировка өтүүчү жайларга баруу учурунда бул уюмдар студенттерге стажировкадан өтүү жана кесиптик көндүмдөрүн бекемдөө үчүн реалдуу шарттарды түзөрү аныкталды.

Эксперттер адистердин насаатчылыгынын жеткиликтүүлүгүн, стажировка шарттарынын окутуу профилине шайкештигин жана уюмдардын университет менен андан ары кызматташууга кызыкдар экендигин белгилешти. Ошондой эле, алар студенттерди окутуунун сапатын жакшыртуу үчүн өз ара аракеттенүүнүн системалуу мүнөзүн күчөтүүнү жана стажировка өтүүчү жайлардын түрлөрүн кеңейтүүнү сунушташты.

Аккредитациялоо жол-жобосуна ылайык, **студенттердин, бүтүрүүчүлөрдүн, мугалимдердин жана административдик персоналдын арасында электрондук сурамжылоо жүргүзүлдү.**

**Студенттердин сурамжылоосунун** жыйынтыктары боюнча (59 адам), респонденттердин 44% интернетке компьютердик класстарда гана кире ала тургандыгы, 56% күндүз акысыз кире ала тургандыгы аныкталган. Практиканы уюштурууга канааттануу деңгээли: 81,6 % - толугу менен канааттанган, 16,3% - жарым-жартылай. Сабактардын мазмуну толугу менен канааттандырарлык деп бааланган - 62%, жарым-жартылай - 36%, канааттандырарлык эмес - 2%. Көрсөтмө жана техникалык каражаттарды колдонуу: 7,8% - толугу менен канааттанган, 2,2% - жарым-жартылай. Өзгөрүүлөр жөнүндө маалымдуулук: 82% - толугу менен канааттанган, 18% - жарым-жартылай. Окутуучулардын чыгармачылыгы жана активдүүлүгү: 79,6% мугалимдердин көпчүлүгүнүн активдүүлүгүн белгилешкен. Жалпысынан, студенттер билим берүү мекемесиндеги окуу шарттарын оң баалап, эч кандай олуттуу көйгөйлөргө туш болбогонун белгилешет. Респонденттердин

көпчүлүгү окутуунун сапатына, инфраструктурага жана студенттерди колдоого канааттангандыгын билдиришкен. Ошол эле учурда материалдык-техникалык базаны андан ары жакшыртуу зарылдыгы, анын ичинде класстарды оңдоо, жабдууларды жаңыртуу жана компьютерлердин санын көбөйтүү белгиленет. Заманбап китепкананы өнүктүрүү жана тиешелүү академиялык адабияттарга жетүүнү кеңейтүү боюнча олуттуу суроо-талап бар. Студенттер ошондой эле билим берүүнүн практикалык багытын күчөтүүнү жана стажировкалар үчүн уюмдар менен кызматташууну кеңейтүүнү сунушташат. Окуу процессине санариптик технологияларды жана жасалма интеллекттин элементтерин интеграциялоонун мааниси баса белгиленет. Окуу программасын өркүндөтүү жана билим берүү процессин санариптештирүү да негизги өнүгүү багыттары болуп саналат. Андан тышкары, спорт залды жана жаңы жатакананы куруу менен кошо студенттердин инфраструктурасын өнүктүрүү жана студенттер үчүн маданий иш-чараларды кеңейтүү сунушталууда.

17 **бүтүрүүчүнүн** арасында жүргүзүлгөн сурамжылоо көрсөткөндөй , алардын 2%ы билимин уланткан, 4%ы жарым-жартылай иштеген, 20%ы үзгүлтүксүз иштеген же жумуш издеп жүргөн, ал эми 90 %ы өз адистиги боюнча иштеп жатышат. 100%ы уюмдарда иштейт. Бүтүрүүчүлөрдүн 85 пайызы туура кесипти тандап алганын билдиришкен. Көпчүлүгү алган билимдери жана көндүмдөрү күтүүлөрүнө жооп берерин ырасташкан, бирок адистештирилген сабактар жана башкаруу дисциплиналары боюнча билимдерин тереңдетүү зарылдыгын белгилешкен . Ошондой эле , алар айрым дисциплиналардын теориялык аспектилеринин практикалык колдонуу мүмкүнчүлүгү чектелүү экенин , мында практикалык иш көндүмдөрү маанилүүрөөк экенин белгилешкен.

29 **окутуучуну сурамжылоо** көрсөткөндөй , алардын 72%ы жумушка алуу критерийлеринин ачык-айкын жана объективдүү экенин белгилешкен. Сурамжылоого катышкандардын 51%ы колледж жетекчилиги кайра даярдоого, квалификациясын жогорулатууга жана кесиптик өсүүгө жардам берерин айтышкан. Отуз беш пайызы изилдөөгө мотивациянын жоктугун белгилешкен. Бирок, сурамжылоого катышкандардын 62%ы команданын ичиндеги психологиялык климатты оң баалашты. Профессордук-окутуучулук курамдын көпчүлүгү (58%) социалдык колдоого жана уюмдун коомдук жашоосундагы ролуна канааттанышкан. Сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча, кызматкерлер жалпысынан билим берүү уюмунун иштөө шарттарына жана ишмердүүлүгүнө оң баа беришкен. Көптөр баарына канааттанганын билдиришип, сурамжылоо үчүн ыраазычылык билдиришип, командага ден соолук, ийгилик, бакубаттуулук жана андан ары жемиштүү кызматташууну каалашкан. Айрым респонденттер мекемеде иштегенине сыймыктанарын баса белгилеп, жаңы билим берүү ассоциациясы менен ийгиликтүү өз ара аракеттенүүгө үмүттөнүшкөнүн билдиришти.

Ошол эле учурда көңүл бурууну талап кылган маселелер аныкталды: имараттарды жана жумуш шарттарын жакшыртуу, практикалык окутууну көбөйтүү жана билим берүү мекемесинин колдоосун күчөтүү зарылдыгы. Эң көп көтөрүлгөн маселелер эмгек акынын төмөндүгү, эмгек акынын кечиктирилип төлөнүшү жана эмгек акыны эсептөөдө ачык-айкындуулуктун жоктугу болду. Айрым жооптордо жумуштун көптүгү жана эмгек акынын жетишсиздиги белгиленди.

**Администрациянын сурамжылоосунун** жыйынтыгынын негизинде Ж.Баласагын атындагы КУУнун Талас аймактык көп тармактуу институту (IPPR) аккредитация уюмдун ишине оң таасирин тийгизгенин аныктады. Тактап айтканда, респонденттердин 83% сапатты башкаруу процессинин жакшырганын, 16% ченемдик укуктук базанын системалаштырылганын жана 16% билим берүү процессине кызыкдар тараптардын катышуусунун жогорулаганын белгилешти. Өзүн-өзү баалоо отчетун даярдоо боюнча семинар жогорку баа алды: катышуучулардын 66% анын мазмунуна канааттанган, ал эми 34% өзүн-өзү баалоо отчетун жазууда анча чоң эмес кыйынчылыктар болгонун билдиришти. Администрация тышкы эксперттик комиссиянын ишине толугу менен канааттанган (100%); туура эмес жүрүм-турум учурлары болгон эмес жана 66,7% өз ара

аракеттенүү учурунда эч кандай кыйынчылыктарга туш болгон эмес. Жалпысынан респонденттердин 66 % аккредитация процессинин сапатына толугу менен канааттанган, ал эми 33 % жарым-жартылай канааттанган . Бардык респонденттер (100%) оффлайн жана онлайн аккредитацияны алгылыктуу деп эсептешкен. Сунуштардын жана сунуштардын арасында аккредитация процесси уюмдун күчтүү жактарын аныктоого, андан ары өнүктүрүү багыттарын аныктоого жана көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын сапатын жакшыртууга жардам бергени белгиленди. Эксперттик комитет берилген материалдарды, ишти уюштуруу деңгээлин жана белгиленген талаптарга жана стандарттарга шайкештигин объективдүү баалады.

Аккредитациялоо процесси жогорку деңгээлде уюштурулду. Эксперттер аккредитацияланган билим берүү программаларын баалоого кесипкөй жана объективдүү мамиле жасашканын көрсөтүштү. Берилген сунуштар жана сунуштар билим берүү мекемесинин ишин андан ары жакшыртуу үчүн маанилүү жол көрсөткүч болуп кызмат кылат. Агенттикке жана эксперттик комитеттин мүчөлөрүнө алардын иши жана конструктивдүү кызматташтыгы үчүн ыраазычылык билдиребиз.

Айыл чарбсынын бакалавры багыты боюнча окуган студенттердин Окуу планына ылайык өндүрүштүк практикада болгондугуна байланыштуу сабакка катышуу жүргүзулгөн жок.

**Билим берүү программасынын SWOT анализи**

| Күчтүү жактары: | Алсыз жактары: |
|---|---|
| 1. Билим берүү программасы мамлекеттик стандарттарга, эмгек рыногунун талаптарына жана университеттин миссиясына шайкеш иштелип чыккан.<br>2. Окутуунун натыйжалары компетенттүүлүк мамилеге негизделип, теориялык жана практикалык даярдык өз ара айкалыштырылган.<br>3. Практиканын бардык негизги түрлөрү уюштурулуп, практика базалары менен туруктуу келишимдер түзүлгөн.<br>4. Мониторинг жана баалоо системасы туруктуу жүргүзүлүп, студенттердин, бүтүрүүчүлөрдүн жана иш берүүчүлөрдүн пикирлери эске алынат.<br>5. Окуу процессинде инновациялык педагогикалык методдор, санариптик технологиялар жана E-bilim платформасы активдүү колдонулат.<br>6. Студенттерге академиялык, социалдык жана маалыматтык колдоо көрсөтүү системасы жолго коюлган.<br>7. Академиялык мобилдүүлүк жана эл аралык кызматташтык боюнча өнөктөштүк байланыштар түзүлгөн.<br>8. Студенттердин жетишкендиктерин баалоо жана мониторинг жүргүзүү электрондук системалар аркылуу ишке ашырылат.<br>9. Бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштурууга көмөктөшүү жана карьералык багыт берүү иш-чаралары системалуу жүргүзүлөт.<br>10. Профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу боюнча курстар, семинарлар жана тренингдер үзгүлтүксүз уюштурулат. | 1. Мониторингдин жыйынтыгында кабыл алынган чечимдер жана программаны жаңылоо мисалдары жетиштүү деңгээлде чагылдырылган эмес.<br>2. Ички академиялык мобилдүүлүк боюнча студенттердин катышуусу төмөн деңгээлде калууда.<br>3. Стейкхолдерлердин билим берүү программаларын өркүндөтүүгө катышуусу жана сунуштары жетишсиз.<br>4. Студенттердин контингентинин аздыгы окуу топторун толук калыптандырууга жана ресурстарды натыйжалуу пайдаланууга таасир этүүдө.<br>5. Айрым окуу-методикалык материалдарды жаңыртуу үзгүлтүксүз жүргүзүлбөйт.<br>6. Аймактардан келген студенттерди жатакана менен камсыздоо маселеси толук чечилген эмес.<br>7. Scopus, Web of Science сыяктуу эл аралык маалымат базаларына жеткиликтүүлүк чектелүү.<br>8. Студенттердин илимий-изилдөө ишмердүүлүгү жетиштүү деңгээлде активдүү эмес.<br>9.Университеттин веб-сайтындагы маалыматтардын айрым бөлүгү толук жана көп тилде жеткиликтүү эмес. |

| | |
|---|---|
| 11. Материалдык-техникалык база, китепкана, электрондук ресурстар жана дистанттык окутуу инфраструктурасы жетиштүү деңгээлде камсыздалган.<br>12. TİKA жана башка эл аралык долбоорлордун алкагында заманбап лабораториялар ачылып, илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө шарт түзүлгөн.<br>13. Окутуучулар жана студенттер тарабынан илимий-изилдөө ишмердүүлүгү жүргүзүлүп, илимий жыйындар жана конференциялар уюштурулуп турат.<br>14. Илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктары окуу процессине интеграцияланып, билим берүүнүн сапатын жогорулатууга багытталган.<br>15.Университетте маалыматтарды башкаруунун автоматташтырылган E-bilim системасы ийгиликтүү иштеп, студенттердин жетишкендиктерин электрондук мониторинг жүргүзүү камсыздалган.<br>16.Расмий сайт, социалдык тармактар, электрондук китепкана жана дистанттык окутуу платформалары аркылуу маалыматтык-билим берүү чөйрөсү калыптанып, коомчулукка маалыматтын ачык жеткиликтүүлүгү камсыздалган. | |
| **Мүмкүнчүлүктөр:** | **Коркунучтар:** |
| 1. Эл аралык долбоорлор жана өнөктөш ЖОЖдор менен кызматташууну кеңейтүү аркылуу академиялык мобилдүүлүктү өнүктүрүү мүмкүнчүлүгү бар.<br>2. Санариптик технологияларды жана электрондук платформаларды өнүктүрүү аркылуу билим берүүнүн сапатын жогорулатууга шарт түзүлөт.<br>3. Scopus жана Web of Science сыяктуу эл аралык илимий базалар менен иштөөнү күчөтүү аркылуу илимий потенциалды жогорулатууга мүмкүнчүлүк бар.<br>4. Иш берүүчүлөр жана стейкхолдерлер менен кызматташууну күчөтүү аркылуу бүтүрүүчүлөрдүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн арттырууга болот.<br>5. Эл аралык жана гранттык долбоорлорго катышуу аркылуу материалдык-техникалык базаны жакшыртуу мүмкүнчүлүгү бар.<br>6. Аймактардагы мектептер менен профориентациялык иштерди активдештирүү аркылуу студенттердин контингентин көбөйтүүгө шарт түзүлөт. | 1. Абитуриенттердин санынын азайышы студенттердин контингентине терс таасирин тийгизиши мүмкүн.<br>2. Каржылык ресурстардын чектелүүсү материалдык-техникалык базаны жаңылоону жайлатышы ыктымал.<br>3. Эл аралык илимий публикациялардын төмөн деңгээли ЖОЖдун рейтингине жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнө таасир этиши мүмкүн.<br>4.Санариптик технологиялардын тез өзгөрүшү материалдык жана маалыматтык ресурстарды туруктуу жаңылоону талап кылат.<br>5. Студенттерди жатакана менен камсыздоо маселесинин толук чечилбегени абитуриенттерди тартууга терс таасир этиши мүмкүн. |

SWOT анализи көрсөткөндөй, билим берүү программасы мамлекеттик стандарттарга шайкеш келип, компетенттүүлүккө негизделген окутуу, санариптик технологияларды колдонуу, практика менен теориянын айкалышы, эл аралык кызматташтык жана маалыматтык системалардын (E-bilim, веб-сайт, электрондук ресурстар) иштеши аркылуу күчтүү уюштурулган. Ошол эле учурда академиялык мобилдүүлүк, стейкхолдерлердин катышуусу, илимий-изилдөө активдүүлүгү, эл аралык базаларга жеткиликтүүлүк жана веб-контенттин көп тилдүүлүгү боюнча кемчиликтер бар.

Өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү эл аралык долбоорлорго катышуу, санариптик платформаларды өркүндөтүү, илимий базалар менен иштөөнү күчөтүү, иш берүүчүлөр менен кызматташууну кеңейтүү жана студенттер контингентин көбөйтүү менен байланыштуу. Ал эми негизги коркунучтарга абитуриенттердин азайышы, каржылоонун чектелиши, илимий активдүүлүктүн төмөн деңгээли жана материалдык-техникалык базанын заманга шайкеш жаңыланбай калышы кирет.

## V. АККРЕДИТАЦИЯЛЫК СТАНДАРТТАР БОЮНЧА БААЛОО

| № | № | Стандарттар жана критерийлер | Билим берүү уюмунун кызмат орду | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | толугу менен шайкеш келет (3 упай) | жарым-жартылай дал келет (2 упай) | туура келбейт (0 упай) |
| **1-стандарт . Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү жана мониторинг жүргүзүү** | | | | | |
| | 1.1. | Билим берүү программасы билим берүү уюмунун миссиясына жана эмгек рыногунун талаптарына дал келген так калыптанган билим берүү максаттарын жана күтүлүүчү окутуу натыйжаларын камтыйт; | | + | |
| | 1.2. | Билим берүү программасынын окуу жүгү билим берүү стандарттарына ылайык келет; | + | | |
| | 1.3. | Билим берүү программасында бардык зарыл болгон практика түрлөрү, стажировкалар жана башка окутуу түрлөрү бар; | + | | |
| | 1.4. | Билим берүү программасы анын мазмунун үзгүлтүксүз көзөмөлдөөнү жана аны өркүндөтүү боюнча чечимдерди кабыл алууну, анын ичинде студенттердин (магистранттардын) жана жумуш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун мезгил-мезгили менен баалоону камсыз кылат; | + | | |
| | 1.5. | Билим берүү программасында инновациялык окутуу жана методикалык ресурстар, педагогикалык ыкмалар, формалар жана технологиялар колдонулат; | + | | |
| | 1.6. | Билим берүү программасы студенттердин ар кандай топторунун (магистранттардын) муктаждыктарын аныктайт жана кошумча билим берүү кызматтарын уюштурат. | | + | |
| | 1.7. | Билим берүү программасы өнөктөш университеттер менен биргелешкен билим берүү программаларынын (ББП) ишке ашырылышын (эгер бар болсо), университеттердин билим берүү программаларынын мазмуну жана окуу натыйжалары кандайча салыштырылаарын, ошондой эле ББПнын сапатын көзөмөлдөө механизмдерин көрсөтүшү керек. | | + | |
| | | **1-стандарт үчүн жалпы сумма:** | 12 | 6 | 0 |
| **2-стандарт. Студенттерди (магистранттарды) кабыл алуу жана окуунун жыйынтыктарын таануу** | | | | | |
| | 2.1. | Билим берүү программасы студенттерди (магистранттарды) кабыл алуу эрежелеринин жана процесстеринин ачык-айкындуулугун жана объективдүүлүгүн камсыз кылат студенттер | | + | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 2.2. | Билим берүү программасы студенттерге (магистранттарга) билим берүү траекториясын, академиялык мобилдүүлүктү жана карьералык өсүштү калыптандырууда (тандоодо) жардам көрсөтөт; | | + | |
| | 2.3. | Билим берүү программасы мурунку билим берүүнүн квалификациясын, мезгилдерин жана окуу натыйжаларын объективдүү таанууну камсыз кылат. | + | | |
| | 2.4. | Билим берүү уюму билим берүү программасы боюнча окуусун аяктаган жана күтүлгөн окуу натыйжаларына жеткен студенттерге (магистранттарга) жетишилген окуу натыйжаларын, ошондой эле алынган билимдин мазмунун жана квалификациясын тастыктаган билим берүү документин жана аны аяктагандыгы жөнүндө куболукту берүүгө милдеттүү. | + | | |
| | | **2-стандарт үчүн жалпы сумма:** | **6** | **4** | |
| **3-стандарт. Студентке багытталган окутуу жана студенттердин жетишкендиктерин баалоо (магистр студенттери)** | | | | | |
| | 3.1. | Билим берүү программасы окутуу ыкмаларын, билим берүү формаларын жана технологияларын баалоо жана өзгөртүү үчүн студенттерден (магистранттардан) үзгүлтүксүз пикирлерди колдонот; | | + | |
| | 3.2. | Билим берүү программасы баалоо критерийлеринин жана ыкмаларынын, күтүлүп жаткан көзөмөл түрлөрүнүн жана баалоонун жыйынтыктарына даттануу жол-жобосунун жеткиликтүүлүгүн жана ачыктыгын камсыз кылат; | + | | |
| | 3.3. | Билим берүү программасы студенттердин (магистрлердин) окуудан чыгып кетүү себептерин үзгүлтүксүз талдап, алардын окуудагы жетишкендиктерин жана окуусун сактап калууну жакшыртуу боюнча чараларды көрөт. | + | | |
| | 3.4. | Билим берүү программасы студенттердин ар кандай топторунун муктаждыктарын эске алуу менен ишке ашырылат жана жекече окуу жолдорун түзүү, академиялык мобилдүүлүк жана билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн башка варианттарын пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылат; | + | | |
| | 3.5. | Билим берүү программасы студенттердин (магистранттардын) окуу жүгүн, окуудагы жетишкендиктерин жана, ошондой эле бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусун көзөмөлдөйт. | | + | |
| | 3.6. | Билим берүү программасы билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында инновациялык окутуу жана методикалык ресурстарды, педагогикалык ыкмаларды, формаларды жана технологияларды колдонууну көрсөтүшү керек. | + | | |
| | 3.7. | Билим берүү программасы билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн ийкемдүү варианттарын (анын ичинде электрондук жана аралыктан окутуу технологияларын колдонууну) колдонууну көрсөтүшү керек. | + | | |
| | | **3-стандарт үчүн жалпы сумма:** | **15** | **4** | |
| **4-стандарт. Педагогикалык жана билим берүүчу -жардамчы персонал** | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 4.1. | Окутуучу жана билим берүүчү жардамчы персоналдын курамы, квалификациясы, билими жана тажрыйбасы ишке ашырылып жаткан билим берүү программасына жана Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын талаптарына ылайык келет; | | + | |
| | 4.2. | Билим берүү программасы мугалимдерди тандоо, мотивациялоо жана кармап туруу, ошондой эле окутуучу жана билим берүүчү кызматкерлердин инновациялык билим берүү ыкмалары жана технологияларында үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүсү үчүн шарттарды түзөт; | | + | |
| | 4.3. | Мугалимдер окуу куралдарын, окуу китептерин жана башка методикалык иштеп чыгууларды үзгүлтүксүз басып чыгарып жана өркүндөтүп турушат; | + | | |
| | 4.4. | Билим берүү программасынын студенттери тиешелүү адам ресурстары (кураторлор, академиялык кеңешчилер, жатакана мугалимдери) менен камсыз болушат. | | + | |
| | | **4-стандарт үчүн жалпы сумма:** | 3 | 6 | |
| **5-стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар** | | | | | |
| | 5.1. | Билим берүү программасында студенттердин жана кызматкерлердин ар кандай топтору үчүн жетиштүү материалдык жана маалыматтык ресурстар бар; | + | | |
| | 5.2. | Окуу бөлмөлөрү билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздук талаптарына (санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана жоболор, өрт коопсуздугу эрежелери, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасы) жооп берет; | | + | |
| | 5.3 | Окуу китептери, колдонмолор жана окуу материалдары, анын ичинде электрондук китептер, билим берүү программасынын мазмунуна шайкеш келет; | | + | |
| | 5.4 | Билим берүү уюму/программасы студенттерди (магистранттарды) жатакана менен камсыз кылууга жана жашоо, окуу жана эс алуу үчүн шарттарды түзүүгө тийиш. | | | + |
| | 5.5. | Билим берүү уюму медициналык борборлордо тамактануу (ашкана же буфет) жана медициналык жардам көрсөтүү үчүн тиешелүү шарттарды түзүшү керек. | + | | |
| | | **5-стандарт үчүн жалпы сумма:** | 6 | 4 | |
| **6-стандарт. Билим берүү программасы боюнча илимий, методикалык жана изилдөө иштери.** | | | | | |
| | 6.1. | Билим берүү программасынын кызматкерлери жана студенттери (магистранттар) илимий жана илимий-методикалык изилдөөлөрдү жүргүзүшөт; | | + | |
| | 6.2. | **Билим** берүү программасы жетиштүү материалдык жана маалыматтык ресурстарга ээ жана алардын илимий изилдөөлөр үчүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат; | + | | |
| | 6.3. | Билим берүү программасы изилдөө стажировкаларын, илимий натыйжаларды жана кадрларды алмашууну жайылтат; | + | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 6.4. | Билим берүү программасы студенттердин (магистранттардын) илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктарын окуу процессинде жана өндүрүштө колдонуу үчүн стимулдаштыруу, сыйлоо системасын колдонот; | | + | |
| | 6.5. | Билим берүү программасы кадыр-барктуу басылмалардагы кызматкерлердин жана студенттердин (магистранттардын) басма ишмердүүлүгүн жогорулатуу боюнча чараларды көрөт. | + | | |
| | | **6-стандарт үчүн жалпы сумма:** | 12 | 4 | |
| **7-стандарт. Маалыматты башкаруу жана коомчулукка жайылтуу.** | | | | | |
| | 7.1. | Билим берүү программасында билим берүү программасын натыйжалуу башкаруу үчүн зарыл болгон маалыматты чогултуу, талдоо жана жайылтуу механизмдери болушу керек (билим берүү уюму тарабынан билим берүү максатын пландаштыруу жана ишке ашыруу үчүн төмөнкү маалыматтарды чогултуу, системалаштыруу, жалпылоо жана сактоо:<br>- студенттердин курамы (магистранттар) жөнүндө маалымат;<br>- студенттердин (магистранттардын) сабакка катышуусу жана окуудагы жетишкендиктери, жетишкендиктери жөнүндө маалыматтар;<br>- билим берүү программаларын ишке ашыруу жана алардын жыйынтыктарына студенттердин (магистрлердин), бүтүрүүчүлөрдүн жана жумуш берүүчүлөрдүн канааттануусу;<br>- материалдык жана маалыматтык ресурстардын болушу;<br>- бүтүрүүчүлөрдү жумушка орноштуруу;<br>- студенттердин (магистранттардын) илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктары;<br>- билим берүү уюмунун негизги ишинин көрсөткүчтөрү. | | + | |
| | 7.2 | Билим берүү программасы коомчулукту өзүнүн ишмердүүлүгү жөнүндө үзгүлтүксүз маалымат менен камсыз кылып турат, анын ичинде:<br>- миссия;<br>- билим берүү максаттары;<br>- күтүлүүчү окуу натыйжалары;<br>- берилген квалификация;<br>- окутуунун формалары жана каражаттары;<br>- баалоо жол-жоболору;<br>- студенттерге берилген өтүү баллдары жана билим алуу мүмкүнчүлүктөрү;<br>- бүтүрүүчүлөр үчүн жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат;<br>- мугалимдердин жана студенттердин (магистранттардын) изилдөө ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары. | + | | |
| | 7.3. | Билим берүү уюму/программасы өзүнүн иши жөнүндө коомчулукту маалымдоо үчүн өзүнүн веб-сайтын, корпоративдик мезгилдүү басылмаларды (гезиттер, илимий журналдар, конференциялардын материалдары ж.б.), социалдык тармактарды жана жалпыга маалымдоо каражаттарын колдонушу керек . | | + | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 7.4. | Билим берүү программасы билим берүү мекемеси үчүн автоматташтырылган ( программалык) башкаруу системасын көрсөтүшү керек. Эгерде мындай система жок болсо, билим берүү мекемеси аны иштеп чыгууну же сатып алууну жана ишке киргизүүнү пландаштырууда. | + | | |
| | | **7-стандарт үчүн жалпы сумма:** | 6 | 4 | |
| | | **Баары:** | 60 | 32 | |
| | | | **92** | | |

Баалоо рейтинги:
89дан 111ге чейин – 5 жылга толук аккредитация
79дан 89 баллга чейин – 3 жылга шарттуу аккредитация
50дөн 79 баллга чейин – 1 жылга шарттуу аккредитация
49 упай жана андан төмөн - аккредитацияланган жок

## VI . ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ЖАКШЫРТУУ БОЮНЧА СУНУШТАР

Ошентип, тышкы эксперттик комиссия Ж.Баласагын атындагы КУУнун Талас аймактык көп тармактуу институтунун **«Айыл-чарбасынын бакалавры»** багытынын **«Агроэкономика»** профили боюнча жогорку кесиптик билим берүү эксперименталдык программасын баалоосунун натыйжасында төмөнкүлөрдү сунуштайт:

1. Мониторинг жана баалоонун жыйынтыгында кабыл алынган чечимдерди документтештирүүнү күчөтүү.
2. Академиялык мобилдүүлүк боюнча студенттердин катышуусун активдештирүү жана өнөктөш ЖОЖдор менен кызматташууну кеңейтүү.
3. Стейкхолдерлердин сунуштарын системалуу талдоо жана билим берүү программаларын өркүндөтүүгө интеграциялоо механизмдерин күчөтүү.
4. Студенттердин контингентин көбөйтүү боюнча профориентациялык иштерди активдештирүү.
5. Окутуучулардын Scopus жана Web of Science базаларындагы публикацияларды көбөйтүү.
6 Эл аралык илимий журналдарга макала жарыялоону стимулдаштыруу механизмдерин күчөтүү.
7. Студенттердин илимий ишмердүүлүгүн өнүктүрүү үчүн илимий ийримдерди жана гранттык долбоорлорду кеңейтүү.
8. Окуу-методикалык материалдарды үзгүлтүксүз жаңыртып, методикалык базаны заманбап талаптарга ылайык өркүндөтүү.
9. Студенттерди жатакана менен камсыздоону жана социалдык-тиричилик шарттарын жакшыртуу боюнча чараларды күчөтүү.
10. Scopus, Web of Science жана башка эл аралык маалымат базаларына жеткиликтүүлүктү кеңейтүү.
11. Расмий веб-сайттагы жана социалдык тармактардагы маалыматтарды кыргыз, орус жана англис тилдеринде системалуу жаңыртып туруу сунушталат.

## VII. КОРУТУНДУ

Жүргүзүлгөн өзүн-өзү баалоонун материалдарын талдоонун, сунушталган ченемдик-укуктук, уюштуруучулук жана окуу-усулдук документтерди кароонун, администрация, профессордук-окутуучулук курам, студенттер, бүтүрүүчүлөр жана иш берүүчүлөр менен болгон маектердин, ошондой эле материалдык-техникалык базаны визуалдык кароонун жыйынтыгында эксперттик комиссия Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Талас аймактык көп тармактуу институтунда ишке ашырылып жаткан **«Айыл чарба бакалавр»** багытынын **«Агроэкономика»** профили боюнча билим берүү программасы туруктуу негизде жүзөгө ашырылып жаткандыгын белгилейт.

Билим берүү программасы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына жана Сапаттуу Билим агенттигинин программалык аккредитациясынын критерийлерине жалпысынан жооп берет. Программа агроэкономика тармагында кесиптик компетенттүүлүккө ээ, заманбап талаптарга ылайык адистерди даярдоого багытталган.

Жүргүзүлгөн талдоо билим берүү программасында окуу процессин уюштуруу, окуу-усулдук камсыздоо, практикаларды өткөрүү, билим сапатын баалоо жана билим берүү процессинин катышуучулары менен өз ара байланыш механизмдери системалуу түрдө жүргүзүлүп жаткандыгын көрсөттү. Ошондой эле билим берүү программасынын өнүгүүсү боюнча ички сапат камсыздоо механизмдери иштеп жаткандыгы белгиленди.
SWOT-анализдин жыйынтыктары билим берүү программасынын мындан ары өнүгүүсү үчүн тиешелүү кадрдык, окуу-усулдук жана уюштуруучулук мүмкүнчүлүктөр бар экендигин көрсөттү.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде эксперттик комиссия **«Айыл чарба бакалавр»** багытынын **«Агроэкономика»** профили боюнча билим берүү программасы “Сапаттуу Билим” агенттигинин аккредитациялык талаптарына жооп берет жана 5 (беш) жылдык мөөнөткө программалык аккредитациядан өткөрүүгө сунушталат деген жыйынтыкка келет.

**Эксперттик комиссиянын курамы:**
**Комиссиянын төрагасы:** Мамбетов Жоомарт Иманалиевич ______________

**Комиссиянын мүчөлөрү**:
1. Султанбаева Виктория Асановна ______________
2. Шербаева Зувайда Эрмаматовна ______________
3. Кашкарбаева Бегай Тобокеловна ______________
4. Асеин уулу Азамат ______________
5. Таштанбеков Рыскелди Султанбаевич ______________

Референт:
Түлөгөбылова Нуржамал Мухтаровна ______________